
Ас[illegible]ралы Ражабалиев

# АЛТЫН-БЕШИК ЭЛ-ЖЕРИ



АСКАРАЛЫ РАЖАБАЛИЕВ

# АЛТЫН-БЕШИК ЭЛ-ЖЕРИ

*(Баткен областтына 10 жыл)*



«Бийиктик»
Бишкек – 2009

УДК 94 (47)
ББК 63.3 (2 Ки)
Р 16

Ражабалиев Аскаралы.

Р 16 Алтын-Бешик эл-жери. – Б.: «Бийиктик», 2009. – 116 б.

ISBN 978–9967–13–602–1

Бул китеп Баткен областтынын 10 жылдыгына арналып чыгарылды. Автордун башкы максаты Кыргызстандын четки түштүк-батыш аймагында 10 жыл ичинде жүз берген өзгөрүүлөрү менен өсүштөрү, област болуп түзүлүүсүнүн зарылдыгын ачып берүү болду. Жаш областтын экономикалык мүмкүнчүлүктөрү, алдыда аткарылуучу иштер тууралуу учкай сөз жүрдү. Мындан тышкары Алтын-Бешик кыргыздарынын тарыхый өзгөчөлүктөрү жана кыргыз тарыхындагы орду тууралуу азын-оолак айтылды. Ошону менен бирге, кыргыз элинин ар тараптуу өсүшүнө, мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышына, илим, маданиятынын өсүшүнө үлүштөрүн кошкон инсандар жөнүндө куш тилиндей маалыматтар берилди. Китеп окурмандардын көңүлдөрүнө төп келип, китеп текчелеринен орун алат деген ишенимдебиз.

Р 0503020911 – 09

ISBN 978–9967–13–602–1

УДК 94 (47)
ББК 63.3 (2 Ки)

© Ражабалиев А., 2009.

**БАТКЕН ОБЛАСТТЫНЫН**
**10 ЖЫЛДЫГЫНА**
**АРНАЛАТ**

«МЕН ДАЙЫМА КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭҢ АЛЫСКЫ АЙМАКТАРЫНАН ЧЫККАН КЫРГЫЗДЫН ЧЫГААН УУЛДАРЫН ЭСТЕГЕНДЕ ТОЛКУНДАНАМЫН. ЖЕР ШАРТЫ ООР, ТИРИЧИЛИК ЖҮРГҮЗҮҮ ТҮЙШҮКТҮҮ БОЛГОН МЕНЕН УШУЛ ЭЛЕ СИЗДЕРДИН АЙМАКТЫН ЭЛИ КЫРГЫЗГА КАНЧА МЫКТЫ УУЛДАРДЫ ТАРБИЯЛАП БЕРДИ».

*(Кыргыз Республикасынын Президенти К. С. Бакиевдин Төрөбай Кулатовдун 100 жылдыгына арналып, Кызыл-Кыя шаарында өткөрүлгөн салтанатта сүйлөгөн сөзүнөн)*



## КИЧИК МЕКЕН – АЛТЫН-БЕШИГИМ
### (Баш сөз ордуна)

Кичик Мекен – Алтын-Бешигим,
Туулган жерим, дөөлөт эшигим.
Койнуң ысык, пейлиң дарыя,
Мээримиңе каныл жетилдим.

Бөтөн жерде мусапыр болуп,
Жалтактадым, сынып, кетилдим.
Ата-энемдей тартып бооруңа,
«Персентим!» – деп, жыттап эзилдиң.

Пенделиктен аттап өталбай,
Кайсарландым, канча эсирдим.
Кеч болсо да, үзүр сураймын,
Тизе бүгөм, уулуң кечиргин.

«Ар кимге туулуп-өскөн жери – Мисир». Биздин Мисирибиз Ала-Тоонун улук бир өңүрү – Алтын-Бешик эл-жери. Ата-бабаларыбыз өмүр кечирген, баарыбыз үчүн жер киндиги болгон ыйык аймак. Туулган жерибизге каруубуз – казык, каныбыз азык. Дүйнөнүн кайсыл гана бурчуна барбайлы, айланып келер турагыбыз.

Быйыл Баткен областтынын түзүлгөнүнүн 10 жылдык торколуу тою. «Жетинин бири – кызыр» демекчи: Теңир-Тоо, Сары-Өзөн Чүй, көөнө Талас, касиеттүү Ысык-Көл, ыйык Жалал-Абад, ордолуу Оштун катарында Баткен аймагы өлкөмдүн жетинчи дубаны.

Алтын-Бешик тоолору Баткен областтынын түштүк тарабында чыгыштан батышты карай асман тиреп созулуп жатат. Күн чыгышы Ноокаттын Апшыр-Сайынан башталып, күн батышы Лейлектин Аксуу дарыясына жетип бүткөн улуу тоолор. Ушул көк челген тоолорду этектей илгертеден кыргыздардын ичкилик тайпасы жашап келет.

Жергиликтүү эл өз тоолорун арзымал менен Алтын-Бешик дешет. Минтип аталып калышынын эл оозунда бир нече аңыздары айтылып жүрөт. Алардын бири атактуу кол башчы жана ойчул Султан Бабур менен байланышат. Өз тууганы Шейбани хандын кодулоосунан качкан Султан Бабур Баткен жеринен баш паанек таап, беш-алты айдай жашынып жатканда, артынан куугун келип калат. Шашылышта алтын бешикке бөлөнгөн наристесин таштап, колуктусу экөө Ооганстанга өтүп кетишкен. Бешикте калган баланы кыргыздар асырап чоңойтуп, жетилгенде Кокон мамлекетине хан болгон дешет.

Улуу падыша өзүнүн «Бабурнааме» китебинде минтип жазган: «Мен Шейбани хандын куугунунан жашынып Сох, Хушяр кыштактарында жарым жылдай жашынып жаттым да, андан ары Кабулга ооп кеттим». (Султан Бабур, «Бабурнааме», 7-бет, 1990-ж., Ташкен.) Бүгүн Сох, Хушяр кыштактарында тажиктер жашаса да, туш тарабы туташ кыргыз жери.

Арийне, кеп маңызы бул тоолордун кантип Алтын-Бешик аталып калышында эмес, эл туулуп-өскөн жерлерин сүймөнчүлүк менен өздөрү термелип чоңойгон ыйык бешикке теңешип, Алтын-Бешик атап алышканында.

10 жылдык маарекеге арналып жазылган чакан китепчеде областтын бейнесин ар тараптан ачып берүүгө дегеле мүмкүн эмес. Андыктан, азиз окурман, колуңуздагы китеп Алтын-Бешик эл-жеринин, жаш Баткен областтынын түзүлгөндөн берки басып өткөн байсалдуу жолунан учкай кабар берген алгачкы саамалыктын бири деп билиңиз.

# БАТКЕН ОБЛАСТТЫ

Баткен областты 1999-жылдын 13-октябрында түзүлгөн.

Жалпы аянты – 17,0 миң чарчы чакырым. Республиканын жалпы аянтынын 8,5 пайызын ээлейт.

Чыгышынан, чыгыш-түштүгүнөн Ош областты, түндүгүнөн Өзбекстан, түндүк-батыш, батыш жана түштүк-батышынан Тажикстан менен чектешет.

Калкы* – 428,8 миң киши. (78,4 пайызы айылдарда жашайт.)

Жер аянты – 74447 га, анын ичинен сугат жери 35850 га.



* 2009-жылдагы эл каттоонун жыйынтыгы чыга элек болгондуктан, статистикалык маалыматтар 2008-жылдагы маалымат боюнча берилди.

Кара мал 107627, кой-эчки 427102, жылкы 7634.

Областта үч район: Кадамжай, Баткен, Лейлек; үч шаар: Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Баткен, 34 айылдык округ, 194 айыл жана 225 мектеп, 46 балдар бакчасы, 73 китепкана, 5 райондук, шаардык, 39 айылдык маданият үйлөрү, 3 музей, 6 музыкалык мектеп бар.

## ӨСҮП-ӨНҮГҮҮ ЖОЛУНА ТҮШТҮК

*Курманбек Салиевич БАКИЕВ,*
*Кыргыз Республикасынын Президенти*

***Мен Кыргызстандын алыскы аймактарынан (Баткен областы) чыккан кыргыздын чыгаан уулдарын эстегенде толкунданамын. Жер шарты оор, тиричилик жүргүзүү түйшүктүү болгону менен, ушул эле сиздердин аймактын эли кыргызга канча мыкты уулдарды тарбиялап берди.***

Кыргызстандын Совнаркомунун 20-жылдардагы жетекчиси, «журт атасы» Абдыкадыр Орозбеков да ушул аймактын кулуну болгон. Совнаркомдун 1937–1938-жылдардагы Төрагасы, Баткендин Самаркендек айылынын уулу, чыныгы патриот Мурат Салихов адилетсиз репрессияга кабылышты. Анын кызмат ордуна 1938-жылдан баштап легендарлуу Төрөбай Кулатов келди. Ал эми, Төрөбай агабыздан кийин эле, 1945-жылы, Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин Председатели болуп Лейлек элинин алп уулу, болочоктогу республиканын биринчи улуттук жетекчиси, жылдызы өчпөй жанып турган Исхак Раззаков агабыз дайындалды. Кадамжайда төрөлүп, Кызыл-Кыяда жетилген Апсамат Масалиев – дагы бир улуттун сыймыгы, жөнөкөйлүктүн жана адилеттүүлүктүн символу, улуу инсан болуп элдин элесинде кала берди.

***Урматтуу мекендештер!***

Жалпы Баткен областтын алып карасак, сиздердин регион үчүн эң маанилүү бир нече маселе бар. Алардын бири жол. Көп жылдардан бери депутаттар дагы айтып келген, сиздер дагы көптөгөн каттар менен кайрылып, ушул жолдорду куруу маселесин козгоп келгенсиздер. Мага сиздер тараптан берилген наказдардын арасында ушул маселе өзгөчө орунду ээлейт. Айтылгандарды эске алып кийинки мезгилде кыйла иштерди жасадык. 2006-жылы сиздерде 42 километр асфальт жол, 5 километр гравий төшөлгөн жол салынган. Ошол эле жылы Баткен районундагы, Лейлек районундагы токтоп турган асфальт заводдору ишке киргизилди. Ал эми 2007-жылы 2006-жылга караганда каражат **9 эсе** көп бөлүндү, башкача айтканда, 165 миллиондон ашык сумманы түздү. Анын ичинде мааниси чоң Лейлектеги Максат-Жаштык жолу курулду. Бул жерден мен дагы бир жолу Бүргөндү-Пүлгөн жолуна өзгөчө көңүл бургум келет. Бул жолду курууга Баткен областтынын элинин демилгеси күчтүү болду. Жол ашар ыкмасы менен курула баштады да, республикалык бюджеттен каражат бөлүнүп, 49 километр жол курулуп бүтүп, эми эки жылдан бери Сох анклавына кирбестен өлкөбүздүн башка аймактары менен катташканга шарт түзүлдү. Жакынкы мезгилде бул жолду асфальттоо боюнча чара көрүлөт, республикалык бюджеттен кошумча 100 миллион сом бөлүнөт.

Тажикстандын Сурх жана Чорку айылдарын айланып өтүүчү автомобиль жолун куруу үчүн Еврокомиссия 6,5 миллион евро бөлүүгө чечим кабыл

алган. Жалпы узундугу 23,5 км болгон бул чоң жолдун курулушу бүтүү алдында турат. Бул курулуш аякташы менен Баткен менен Лейлектин, Сүлүктүнүн ортосундагы проблема болуп келген анклав аркылуу өтүүчү жолдун кереги жок болуп калат. *(Азыр бул жолго асфальт төшөө аяктаган, автор)*. Сох дарыясында чоң көпүрө курулду. Бул көпүрө Баткен областтынын элинин башка мамлекеттин аймагына кирбестен, түз каттоосуна мүмкүнчүлүк түздү.

Ушул үч объект бүтүшү менен Баткен областы толук транспорттук көз карандысыздыкка жетишет, бул республика үчүн саясий да, тарыхый да мааниси бар маселе.

Буларды айтуу менен катар быйыл жол курууну каржылоо кыйла өсүп, 186 миллион сомго жеткенин да айта кетейин. Бул каражатка 70 километр таш жол оңдолот, 6 километр асфальт, 10 километр гравий төшөлөт жана Бешбала айылынын жанында жаңы көпүрө курулат. Баарыбыз үчүн, айрыкча сиздер үчүн **абдан кубанычтуу жаңылык, урматтуу агайын-туугандар, бул областта цифралык телеберүү боюнча пилоттук долбоордун иштеп жатышы.** Башкача айтканда, республикада эле эмес, Борбордук Азияда биринчи болуп Баткенде ушундай телеберүү уюштурулат. Азыр сиздер эптеп бир каналды, КТРди көрүп-көрө албай жатсаңыздар, долбоор ишке ашса, 4 айдан соң сиздер сапаттуу көрө ала турган каналдардын саны 10го чейин жетет.

Бул аймактагы дагы бир орчундуу маселе – **чек ара маселеси**, демаркация, делимитация иштерин

тездетүү зарылчылыгы. Биз мына Кытай менен, Казакстан менен бул багытта бир топ натыйжалуу иш жүргүзө алдык. Эми Тажикстан, Өзбекстан менен да багыттуу иш алып баруу зарыл, бул жерде татаал маселе көп, тилекке каршы, эки тарап макул болмоюнча бир тараптын каалоосу менен эле баары чечилип калбайт. Мен Тажикстандын Президенти Эмомали Рахмон менен жолугуп, дал ушул жана башка маселелер боюнча пикир алыштым. Буюрса бул сүйлөшүүлөрдөн жакшы натыйжалар чыгат. Мындан ары энергетика маселесин чечүү үчүн биз бир топ иш чараларды көрүүгө тийишпиз. Биринчиден, көмүр казууну көбөйтүү зарыл. Сиздерде бул иш алга жылып жатканы мен үчүн, жалпы эл үчүн жагымдуу кабар. Өлкөбүздө экономикалык өсүү багытын бекем кармай алдык. Соңку үч жылдын ичинде орточо жылдык өсүш 6,2 пайызды түздү. Бул өткөн жылдарга караганда кыйла жакшы. Баалардын тынымсыз өсүшү жана кызыл кулактык маанайлар токтотулду. Инфляцияга карабастан, калктын реалдуу кирешеси 12 пайызга көбөйдү. Таза инвестицияларды тартуудагы байкалып келген терс тенденцияны токтотконго жетиштик. Ошол эле 2002–2003-жылдары республикадан инвестициялардын чыгып кетиши алардын тартылып келишине караганда көп болгон. Азыркы абал башкача.

Мамлекеттик бюджеттин мүмкүнчүлүктөрү өстү. Эгерде 2004-жылы бюджеттин киреше бөлүгү 18,3 млрд. сомду, 2006-жылы 24,9 млрд. сомду түзгөн болсо, бүгүнкү күнгө 32,4 млрд. сомду түздү, болжол боюнча бул көрсөткүч жылдын аягына 44,8

млрд. сомду түзөт. Мунун натыйжасында эмгек акы жана пенсия жогорулатылып, экономикалык жана башка олуттуу долбоорлор жүзөгө ашырыла баштады. 9 айдын жыйынтыгы боюнча Камбар-Ата ГЭС нин курулушуна бюджеттен 1 млрд. 300 миллион сом бөлүнүп берилди, жылдын аягына чейин дагы 200 млн. сом берилет. Керек болгон 354 даана атайын техника алынды, 1600 жаңы жумушчу орун түзүлдү. Жолдорду оңдоо боюнча да олуттуу жылыштар бар. Соңку беш жылдын ичинде бюджеттен жолдорду калыбына келтирүү иштерин каржылоо 7 эсеге көбөйгөн. Эгерде 2006-жылы 408 млн. сом бөлүнгөн болсо, 2008-жылы 1 млрд. 480 млн. сомдун бөлүнүшү пландаштырылды. Бүгүн биз Баткен областтынын, демек Кыргызстандын транспорттук көз карандысыздыгына жетиштик. Ал эми ушул жылдын акырына чейин 1 миң километрден ашык жол ремонттолуп бүтөт, 11 ири көпүрө пайдаланууга берилет. 2008-жылы республикалык бюджеттен жаңы мектептерди куруу үчүн 895 млн. сом бөлүнмөкчү, бул сумманын 98 пайызы бүгүнкү күнгө толук каржыланды. 2006-жылдан берки эле мезгилде 32 миң окуучуга ылайык 162 жаңы мектеп курулду. Жылдын акырына чейин кошумча 27 жалпы билим берүүчү мекемелердин имараты пайдаланууга берилет.

Ушул мөөнөттүн ичинде 783 билим берүү мекемеси 469 млн. сомдук көлөмдө капиталдык ремонтон өткөрүлдү. Соңку жылдары бүткүл социалдык инфраструктуранын 30 пайыздан ашыгы жаңыланды. Ошону менен бирге билим берүү, саламаттыкты сактоо, социалдык коргоо, маданият тармагын-



Солдон оңго: Алтын-Бешик аймагынан чыккан кыргыздын атактуу уулдары: Апсамат Масалиев, Исхак Раззаков, Абдыкадыр Орозбеков.



Кыргыз Республикасынын Президенти К. С. Бакиев, областтык мамадминистрациясынын башчысы-губернатору М. Ж. Жумабеков менен Баткенде.



К. С. Бакиев айтылуу коомдук ишмер Төрөбай Кулатовдун Кызыл-Кыя шаарында өткөн 100 жылдык маарекесинде. Ага катарлаш мамлекеттик катчы Нур уулу Досбол жана Баткен областынын мамадминистрациясынын башчысы-губернатору М. Ж. Жумабеков.



Кыргыз Республикасынын Президенти К. С. Бакиев Баткен шаарындагы жаңыдан бүткөрүлгөн спорт залында.



КРдин Президенти К. С. Бакиев Лейлек районундагы Самат орто мектебинин жаңы имаратын ачуу учурунда.




КРдин Президенти К. С. Бакиев Баткен шаарындагы жаңыдан курулган спорт залын ачкан кези.



К. С. Бакиев Кызыл-Кыя шаарындагы цемент заводунда, ага катарлаш Баткен областтык мамадминистрация башчысы-губернатор М. Ж. Жумабеков.



КРдин Коопсуздук Комитетинин катчысы А. К. Мадумаров жетектеген кыргыз өкүлчүлүгү жолугушуу учурунда.

Тажик Республикасынын Коопсуздук Комитетинин катчысы А. Азимов жетектеген тажик өкүлчүлүгү жолугушуу учурунда.





(Оңдон) КРдин Жогорку Кеңешинин депутаты Гүлбара Дербишова жана Баткен областтык мамадминистрациясынын губернаторунун орун басары Инабат Ниматова.



КРдин Жогорку Кеңешинин депутаты Арзыбек Бурканов сессияда сүйлөп жаткан учуру.



Баткен областтык мамадминистрациясынын башчысы-
губернатор М. Ж. Жумабеков жана Баткен
раймамадминистрациясынын башчысы
Д. Б. Хаджаев буудай талаасында.



Кыргыз Республикасынын Германия Федерациясындагы
элчиси М. С. Бакиев Баткен шаардык ооруканасына баасы
70 миң евролук стоматологиялык аппаратты алып келип,
тапшырып жаткан кези.



КРдин Миграция Комитетинин башчысы Айгүл Рыскулова жана Баткен областтык мамадминистрациясынын башчысы-губернатор М. Ж. Жумабеков эл арасында.



БатМУнун ректору М. М. Таиров жана проректорлор М.Б. Мергенов, Г. М. Садирова менен алдыдагы иштер тууралуу сүйлөшүүдө.



КРдин Жогорку Кеңешининин депутаты И. А. Масалиев өлкөбүздөгү тажрыйбалуу саясатчылардын бири, ал депутат катары көптөгөн мыйзамдарды кабыл алууга катышып демократияны чыңдоого салым кошуп келет. Сүрөттө: Кадамжай районундагы жолугушуу учуру.



КРдин Жогорку Кеңешинин жаш депутаты
А. Т. Каримов иш кабинетинде.



КРдин Президентинин администрация жетекчисинин орун басары, уюштуруу иштери жана мамлекеттик башкаруу бөлүмүнүн башчысы К. Т. Жороев эл менен жолугушуу учурунда.




Белгилүү коомдук ишмер Исхак Раззаковдун
Сүлүктү шаарына орнотулган эстелиги.



Улуу Ата Мекендик согуштун ардагерлери 9-май – Жеңиш күнүндө.

да иштегендердин эмгек акысы 2006-жылдан баштап жыл сайын орточо 30 пайызга өсүп жатты.

Көп жылдардан бери биринчи жолу спорт менен маданияттын кайра жаралышынын белгилери көрүнө баштады. Олимпиадалык оюндардагы биздин спортсмендердин көрүнүктүү жетишкендиктери – бул улуттук сыймыгыбыз.

*(Төрөбай Кулатовдун 100 жылдык маарекесине арналып, Кызыл-Кыя шаарында өткөрүлгөн салтанатта сүйлөгөн сөзүнөн кыскартылып алынды.)*

# ОН ЖЫЛДА ЖАСАЛГАН ЧОҢ АРЫМ



***М. Ж. ЖУМАБЕКОВ,***
***Баткен областтынын мамлекеттик администрациясынын башчысы-губернатору.***

Баткен областты жаш, түзүлгөнүнө эми гана 10 жыл толду. Бул аралык убакыт ченеминде көз ирмемдей болсо да, адам өмүрү жолу менен салыштырса кыйла узак. Артта калган он жылдык бардык тармактарда ыкчам алдыга жылууларга шарт түзүп, келечекке кең жол ачканы менен эсибизде калды. Анан калса, областтын жыйырма биринчи кылымдын босогосунда уюшулганы – өзгөчө символикалуу. Аймактын эли үчүн жакшы үмүттөрдүн, эртеңки күндөргө болгон ишенимди бекемдөөнүн жылдары болгонунда.

Областтын жетекчилиги өз ишин чү деп баштагандан эле, алдына кечиктирбей чечүүнү талап кылган орчундуу тапшырмалар көлдөлөңүнөн коюлган. Жылдар аралыгында «текчеге жыйылып» калган бир катар саясий, коопсуздук, экономикалык, чарбалык, социалдык-маданий жааттагы курч проблемаларды тезирээк жөнгө салуу күн тартибинде турган. Ал эми, бул проблемаларды жүзөгө ашырууга жол ачуу үчүн эң оболу бир катар кечиктирилгис

милдеттерди чечип алуу керек эле. Алар төмөнкүлөр:

**Биринчи милдет:**

Кошуна мамлекеттер менен бажы, чек ара посторун жөнгө салуу. Баткен областты Өзбек жана Тажик Республикаларынын 16 район-шаарлары менен чектешкен кесилиште жайгашкандыгы менен өзгөчөлөнөт. Региондун анклавдык жана жарым анклавдык абалы калкты түйшүккө салып, бул маселе күндөн-күнгө татаалдана берген. Эл күндөлүк барды-келди, соода-сатык, жол катнашында кошуна мамлекеттердин чек ара посторундагы кыйынчылыктарга кабылып, нааразылыгы өскөн.

Област жетекчилиги Кыргыз Өкмөтүнүн жетекчилигинде ушул көйгөйдү тезирээк чечүүгө киришкен. Өзбек, Тажик Республикаларынын Өкмөттөрү, областтарынын жетекчилери менен эки тараптуу өз ара саясий-дипломатиялык сүйлөшүүлөрдү баштаган.

Албетте, аталган көйгөйлөрдү адегенде бүтүрө коюу мүмкүн эмес. Кошуна мамлекеттердин өздөрү да жаңыдан эгемендүүлүккө жетишип, биздей эле көп маселелердин түйүнүн чечүүнүн үстүндө издене иштеп жаткан учур болгон. Кантсе да, жигердүү иш-аракеттер өз жемишин тез эле бере баштады. Областтын элин түйшүккө салып жаткан Өзбекстандын Вуадил району менен Кадамжай райондорунун чегиндеги эки чек ара постору жоюлган. Сох анклавындагы 6 чек ара постунун экөө алынып, калгандарынан транзиттик каттоо тартипке салынган. Бир

эле мезгилде Кыргызстан тараптан Сары-Коргон, Кайтпас багытындагы чек ара посторунан Өзбек кошуналардын өтүүсү жеңилдетилген. Бул эки тарапка тең пайда алып келген. Алгачкы мындай ийгиликтер область жетекчилигин шыктандырып, элдин бийликке болгон ишенимин бекемдеген.

**Экинчи милдет:**

Дегеле чек ара маселелерин тактоо ар кайсыл мезгилде татаал иш. Мында ар бир элдин, мамлекеттин, өз кызыкчылыктары бар. Ал кызыкчылыктардан кыя өтүүгө жол жок. Анткени, ар бир мамлекеттин башкы байлыгы – анын эли менен жери. Буга эки тараптан тең сабырдуулук менен токтоолук жана бирин-бири урматтаган өзгөчө дипломатиялык чебер мамиле керек.

Өзбекстандын 6 району менен Баткен облаттынын ортосундагы жалпы чек ара тилкеси 384,11 чакырым. Бүгүнгө чейин анын 280,5 чакырымы такталып, эки тараптуу комиссиялар тарабынан макулдашылып, бекитилген. Калган чек ара тилкелери боюнча макулдашууга жетишүү үчүн эки тараптуу комиссиялар улам жолугушууларды уюштуруп, өз ара сүйлөшүүлөр улантылууда. Бардык чек ара тилкелери такталып бүткөндөн кийин жалпы чек ара тилкелерин делимитация жана демаркациялоого жол ачылат.

Тажик Республикасынын 9 райондору менен областтын жалпы чек ара тилкеси 673,7 чакырым. Эки тараптуу атайын комиссиялардын тактап-иликтеген иш-аракеттеринен соң 237,0 чакырымы макулдашууга жетишилди жана бекилди. Калган чек

ара тилкелерин аныктоо, макулдашууга жетишүү максатында өз ара сүйлөшүүлөр улантылып атат.

**Үчүнчү милдет:**

Баткен аймагы областтын борбору Оштон 200–350 чакырым алыста жайгашкандыктан, региондогу ички абалды, тартипти көзөмөлгө алуу кыйла бошоңдой түшкөн эле. Жаңыдан ишин баштаган областтык күч органдары бул бөксөлүктү жоюп, жер-жерлерде ички тартипти көзөмөлгө алган.

Аймак Ооганстан аркылуу ташылуучу нарко жолдун бир салаасы болуп келгендиги ички абалга таасирин тийгизип турган. Ушул курч маселени көзөмөлгө толук алуу жаш областтагы негизги ийгиликтердин бири болду.

**Төртүнчү милдет:**

Региондун ички жолдору ар кандай мыйзамсыз жүктөрдү тышка чыгарып кетүүчү, ичкериге алып кирүүчү ууру жолго айланган. Бул ички коопсуздукка терс таасирин тийгизип келген. Област жетекчилигинин, бажы кызматкерлеринин жигердүү иш-аракеттеринин натыйжасында абал жөнгө салынып, тартип чыңдалган жана мамлекетке бажы кирешесин төгүү кескин жогорулаган.

**Бешинчи милдет:**

Кыргызстан, өзгөчө Баткен областтында эл чарба жүктөрү жана калктын катнашы жалаң автомобиль транспортуна байланыштуу. Кыргыз Өкмөтү, областтык жетекчилик дээрлик 300 чакырымга со-

зулган Пулгөн – Баткен – Бүргөнд – Сүлүктү жолун курууну күн тартибине койду.

Бул аралыктагы 102 чакырым жолдун негизи бүткөрүлүп, 76 млн. сомдук жумуш аткарылды. Анын ичинде Сох жана Исфара дарыяларына көпүрө курулду. Ушул жолду биротоло бүткөрүү үчүн республикалык бюджеттен жыл сайын 100 млн. сомдон каражат бөлүнүүдө. Учурда 100дөн ашык адам жол курулушунда иштеп жатат. Аталган жол толук курулуп бүтсө, Өзбекстандын Сох анклавындагы посттордон өтүү түйшүгүнөн арылабыз.

Магистралдык жолдун Баткен-Сүлүктү аралыгында да иш кызуу жүрүүдө. Төрткүл каналын бойлоп кетүүчү 24 чакырым аралыктагы жолго асфальт төшөлдү. Муну менен Тажикстандын Сурх жана Чарку кыштактарын аралап өтүү түйшүгү четтетилди. Жакынкы эки жыл аралыгында Пулгөн – Сүлүктү чоң жолу толук бүткөрүлөт. Аталган жол толук бүткөрүлсө, чекене соода, кызмат көрсөтүү тармактары 30–50 эсе жогорулайт.

Жогоруда айтылып өткөн порблемаларды чечүү областтын экономикасын тез темп менен өнүктүрүүгө жагымдуу шарт түзгөндүгү талашсыз. Өткөн 10 жылда, айрыкча 2005-жылдагы март революциясынын кийин жаш областтын экономикасы туруктуу өсүү жолуна түштү. Дээрлик бардык тармактарда алдыга жылуулар сезилерлик байкалды.

Ички дүң продукциянын көлөмү 1999-жылы 2305,7 млн. сомду түзгөн болсо, 2005-жылдын жыйынтыгы менен 3326,0 млн. сомду түзгөн. Төмөндө жигердүү иштердин үзүрү тууралуу кыскача айтып өтөм.

# МАРТ РЕВОЛЮЦИЯСЫНАН КИЙИН

Областтын дагы да тез темп менен өсүшүнө 2005-жылдагы март революциясынан кийинки жигердүү багыт өзгөчө түрткү берди. Баткен областтынын социалдык-экономикалык жогорулоосу 2005-жылга салыштырганда 2008-жылы төмөндөгүдөй реалдуу өсүүлөргө ээ болду:

– Ички дүң продукциянын көлөмү 4902,0 млн. сом сомго жетип, 1,6 эсеге өстү.

– Өнөр жайы 1480,0 млн. сомго жетип, 1,6 пайызга өстү.

– Айыл чарбасы 7512,0 млн. сомго жетип, 1,8 эсеге өстү.

– Чекене сооданын көлөмү 4017 млн. сомго барабар болуп, 2,2 млн. сомго көптүк кылат.

– Калкка кызмат көрсөтүү 549 млн. сомго жетип, 1,8 эсеге өсүү берген.

Экспорттун көлөмү 1845 млн. сомду түзүп, 4,1 эсеге жогорулаган.

– Импорттун көлөмү 985 млн. сомго жетип, 1,8 эсеге өсүш болгон.

Экономиканын реалдуу тармактарынын иш багытын жандандыруунун эсебинен:

– Салык топтоо 235 млн. сомго жетип, 1,9 эсеге көбөйгөн.

– Соцфондко чегерүү 364 млн. сомго барабар болуп, 1,9 эсеге жогорулаган.

– Бажы төлөмдөрү 92 млн. сомду түзүп, 2,1 эсеге көбөйгөн.

Бюджеттин көлөмүнүн өсүүсүнүн негизинде:

– Пенсия 1,8 эсеге,
– Пособия 2,4 эсеге,
– Орточо эмгек акы 2,3 эсеге жогорулаган.

Капиталдык салым болсо 10,9 эсеге жогорулап, 2250 млн. сомго жетти.

**Өнөр жайы:**

Өнөр жай тармагынын өсүүсү он жылдыкта сезилерлик байкалды. Маселен, 1999-жылдын жыйынтыгында жалпы 859,0 млн. сомдук продукция ыйгарылган. 2005-жылы 906,1 млн. сомго жеткен. 2008-жылдын жыйынтыгында 1480 млн. сомдук продукция өндүрүлгөн. Ал эми, 2009-жылдын аягында өндүрүү көлөмү болжол менен 1670 млн. сомго жетмекчи. Бул көрсөткүч реалдуу жана аткарууга толук мүмкүнчүлүктөр бар.

Март революциясынан кийин 17 өнөр жай ишканасы курулду. Мунун ичинде Кызыл-Кыя шаарында, Кадамжай, Баткен, Лейлек райондорунда 1ден кыш заводдору, Кызыл-Кыя көмүр ишканасында 1 гипскардон, 1 арматура цехтери, Машзаводунда кирпич-блок, черепица, пластика цехтери жана Баткен районунда 1 асфальт заводу пайдаланууга берилди. Жогорудагы ишканалардын иштей баштапы менен 289 жаңы жумушчу оруну түзүлдү.

Март революциясынан кийин курулушу жандуу башталган Кызыл-Кыя цемент заводу быйылкы жылдын июль айынын башында пайдаланууга тапшырылды. Завод жылына 1 миллион тонна цемент чыгарып, республикабыздын түштүк областтарын керектүү курулуш материалдары менен камсыз кылууга кудурети жетет. Натыйжада кошумча 3 миллиард сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлөт. Заводдун иштей башташы менен:

а) Областтын өнөр жайынын өсүү темпи 1, 9 пайызга жогорулайт.
б) Элдин курулуш материалдарына болгон муктаждыгы жана калкты жумуш менен камсыз этүү проблемасы кыйла деңгээлде чечилет.

**Айыл чарбасы:**

Айыл чарба тармагынын темпи жогорулай баштаганын төмөнкү көрсөткүчтөр айгинелеп турат. 1999-жылы 1925,2 млн. сомдук айыл чарба продукциясы өндүрүлгөн болсо, 2005-жылда ал 4188,1 млн. сом, 2008-жылда 7512,0 млн. сомго жеткен. Бул 1999-жылга салыштырмалуу 3,9 эсеге өскөндүк.

Айыл чарбасындагы артыкчылыктуу багыттар:

а) Асыл тукум чарба түзүү;
б) Жасалма уруктандыруу пункттарын ачуу;
в) Кайра иштетүү кооперативдерин түзүү;
г) Сервисттик кызматтарды күчөтүү;
д) Жердин мелиоративдик абалын жакшыртуу.

Жогоруда белгиленген тапшырмаларды чечүүдө жылыштар бар. Маселен, бүгүн областта 17 үрөнчү-

лүк чарбасы иштеп жатат. Анын ичинен 2008-жылы 8 үрөнчүлүк чарбасы түзүлүп, 479 гектар жер иштетүүдө. Алар 2007-жылы 187 тонна үрөн өндүргөн болсо, 2008-жылы 512 тонна үрөн өндүрүүгө жетишкен. Бул 325 тоннага көп дегендик. Акыркы жылдары айыл чарба кооперативдерин түзүү жандануу-да. 2008-жылы эле 9 чарба уюшулган.

**Сугат тармагы:**

Он жыл аралыгында сугат тармагында кыйла милдеттер чечилгенин канааттануу менен белгилей алам. Бүргөндү каналынын суу сыйымдуулугун кеңейтүү максатында Азия банкынан 17 миллион сом каржыланып, натыйжада Сох дарыясынан алынуучу суу 12 кубдан 18,8 кубка жеткирилди. Кадамжай районундагы Боз-Кара кыштак каналын бүткөрүүгө мамлекет тарабынан 4 млн. 49 миң сом бөлүнгөн. Сох дарыясынын жээктерин бекемдөөгө 18 млн. сом жумшалган. Мындан тышкары Пүлгөн айылындагы Жаштык каналын бүткөрүүгө 1,9 млн. сом жумшалган.

Калкты таза суу менен камсыз кылуу проблемасы өзгөчө жигердүүлүк менен чечүү жолуна түштү. Областта 198 айыл болсо, алардын 70 пайызы таза суу менен камсыз болду. Маселен, Азия өнүктүрүү банкы тарабынан 54 миллион сом каржыланып, Баткен – Каракол суу түтүгү жаңыланды. Муну менен Баткен шаарынын жана Баткен районунун 6 айлынын калкына таза суу жеткирүү иши жакшырды. Өзгөчө бул демилге Лейлек районунда жемиштүү болгонун белгилөөгө болот. 2009-

жылы таза суу багытында 2 объект курулат. Алар Баткен районундагы Бужун, Лейлек районундагы Көк-Таш айылдары.

**Инвестиция:**

Азыркы мезгилде чет элдик инвестиция өнүгүүнүн булактарынын бири болуп калды. Акыркы он жыл аралыгында инвестицияларды иштетүү алда канча жогорулады. Б.а. 1999-жылы 147,0 млн. сом инвестиция тартылса, 2005-жылы 282 миллион, ал эми, 2008-жылы 2100,0 миң сомго жеткен. Алынган инвестициялардын эсебинен жаңы ишканалар пайда болуп, өндүрүш көлөмү улам жогорулоодо.

**Социалдык тармак:**

Мамлекетибиз эгемендүүлүккө жеткен 1991-жылдан 1999-жылга чейин билим берүү, медицина жана маданият тармактарында бирин-экин жаңылыктар болбосо, өсүү бир орунда туруп калган эле. Б. а. бир дагы мектептин же медициналык мекемелердин, маданий жайлардын имараттарын жаңыдан куруу жана капиталдык оңдоолордон өткөрүү иштери жүргүзүлгөн эмес. Аталган тармак 2005-жылдан кийин гана жанданды.

**1. Билим берүү.** 2007-жылы эле област боюнча 8 мектептин имараттары жаңыдан курулуп, пайдаланууга берилген. 2008-жылы 4 мектептин имараттары курулган. 2007-жылы област боюнча 7 мектептин имараттары капиталдык оңдоолордон өткөрүлсө, 2008-жылы 29 мектептин имараттарында капиталдык оңдоолор жүргүзүлгөн. Мектептер-

ди капиталдык оңдоолордон өткөрүүгө дүйнөлүк банк 21 орто мектеп үчүн 57,2 млн. сом, АБР 3 мектеп үчүн 10,4 млн. сом жана Еврокомиссия тарабынан 1,7 млн. сом бөлүнгөн. Ал эми, республикалык бюджеттен окуу куралдарын сатып алууга 12,0 млн. сом чегерилген. 2009-жылы 3 мектеп республикалык бюджеттин эсебинен куруу титулдук тизмесине киргизилген. Булар Баткен шаарындагы жаңы мектеп, Кадамжайдагы Горький атындагы жана Лейлек атындагы мектептердин жаңы имараттары.

1999-жылга чейин, айрыкча 2005-жылга дейре областтагы көпчүлүк балдар бакчалары каржыланбагандыктан, жабылып калган. Акыркы эле эки жылда көптөгөн балдар бакчаларынын эшиктери кайрадан ачылды. Маселен, 2007-жылы областта 28 балдар бакчасы иштеп, 2662 бала тартылган. 2008-жылы 46 балдар бакчасы иштеп, 4018 бала тарбияланган. Бул эки эседен да ашык пайызды көрсөтүп турат.

2005-жылдан соң мектеп окуучуларына камкордук көрүү иштери жандангандыгын элибиз жакшы билет. Президент К. С. Бакиевдин 2006-жылдын 12-июнундагы № 372 жарлыгы менен башталгыч класстардын окуучуларына акысыз тамак берүү киргизилген.

**2. Саламаттыкты сактоо.** Азыр 1 областтык оорукана, 4 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, 3 аймактык оорукана 6 дарыгерлер борбору, 85 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу жана 85 ФАП, 1 областтык кургак учук ооруканасы, 1 республикалык кургак учукка каршы оорукана ж.б. мекемелер калктын ден соолугун сактоодо иштеп жатат. Ооруканаларга меди-

циналык заманбап жабдууларды алып келүү, дарылоо мекемелерин капиталдык оңдоолордон өткөрүү иштери күчөтүлдү. Ооруканалардын айрыкча айылдык фельдшердик-акушердик жайлардын имараттарын жаңыдан куруу, эскилерин оңдоп-түзөөдө бир кыйла иштер аткарылды. Обласt боюнча 36 ФАПтын жаңы имараттары курулуп, 20,1 млн. сом жумшалды. Ошондой эле, 3 ГСВ курулуп, ага 1,2 млн. сом бөлүнгөн. 2,1 млн. сомго медициналык жабдуулар алынган. Мурда иштеп келген ФАПтардын имараттарын калыбына келтирүү жумуштарын каржылоодо мамлекеттик бюджеттен тышкары АКТЕД, АРИС программасы ж.б. өкмөттүк эмес уюмдарынын салымдары бир кыйла экенин белгилеп кетүү адилеттүү деп эсептеймин. ФАПтарды керектүү медициналык жабдуулар менен толуктоо үчүн 10 млн. 550 миң сом жумшалды.

«Манас таалими» программасынын негизинде үй-бүлөлүк дарыгерлер борборлорунда алгылыктуу жылыштар болуп, 25 үй-бүлөлүк дарыгерлер топторунун имараттары капиталдык оңдоолордон өткөрүлдү. Буга УБДБ Азия өнүктүрүү жана Бүткүл дүйнөлүк банктын эсебинен каражат бөлүнүп, заманбап медициналык аппараттар болгон УЗИ, биохимиялык анализатор, ЭКГ ж.б. аппаратуралар менен камсыздалды. Ошондой эле Кулунду, Үч-Коргон, Жаңы-Жер, айылдарында жалпы практикалык дарыгерлер борборлору ачылды.

Бүгүн областта 602 жогорку билимдүү дарыгерлер, 2747 орто билимдүү медкызматкерлер, 12 КРдин эмгек сиңирген дарыгерлери, 231 КРдин саламаттыкты сактоосунун ардактуу кызматкерлери бар.

Медицина кызматкерлеринин айлык акылары да жогорулоо жолуна түштү. Тактап айтканда, орточо айлык акы 2008-жылы 3610 сом болсо, 2009-жылы 4200 сомго жогорулады. Орто билимдүү кызматкерлердики 2008-жылы 2542 сом болсо, 2009-жылы 3600 сомго өстү. Айрыкча акыркы жылдары медицина тармактарына Кыргыз Өкмөтү олуттуу көңүл буруп, каржылоо жагы өсүүдө. КРдин Өкмөтүнүн 2008-жылдагы № 7 токтому менен ооруканада жаткан бир адамга күнүнө тамак үчүн жумшалчу каражат 29 сомдон 41 сомго, дары-дармекке берилчү 35 сомдон 72 сомго жогорулатуу жагы каралган. Ошондой эле, мамлекеттик кепилдик программасы кабыл алынды. Мындан тышкары мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборлорунда 2007–2008-жылдары 7 млн. 257 миң сомдук лабораториялык аппаратуралары сатып келинди. Облустук стоматология бөлүмүнө металлокерамикалык аппарат жеткирилди. Жакында эле Германиядан баасы 70 миң евролук стоматологиялык аппарат алып келинди.

**Дене тарбия жана спорт.** Президент Курманбек Салиевич Бакиевдин сергек жашоо үлгүсүн жайылтуу демилгесин жүзөгө ашыруу максатында кийинки жылдары спорт жана физкультурага өзгөчө көңүл бурулуп, 12 млн. сомдук акча каражаты жумшалды. Кийинки жылдары дээрлик бардык мектептердин спорт аянтчалары оңдоп-түздөлдү. Облустун 10 жылдыгынын урматына эки спорттук зал: кичик футболго ыңгайлашкан жабык зал жана чоң спорттук залдын имараттары курулуп бүткөрүлдү.

Ушул эки чоң объектти курган КРдин Жогорку Кеңешинин депутаты Арзыбек Буркановдун жигердүү ишине областтын эли терең ыраазы экенин айтып өткүм келет.

**Маданият.** Областтын райондору менен шаарларында, айрыкча айыл жерлериндеги маданият жайларын калыбына келтирүү иштери ийгиликтүү жүргүзүлдү. Маданият кызматкерлеринин айлык акылары жогорулады. Областтык музыкалык-драма театры ачылып, үзүрлүү иштеп жатат. Сүлүктүдөгү маданият үйү оңдоп-түзөлдү. Лейлек районунда Кара-Булак жана Маргун айылдарында 2 маданият үйлөрү курулду. Акыркы эки жылда эл ичиндеги таланттарды табуу, баалоо Улуттук чыгармалардын сапатын жогорулатуу, өнөрпоздордун өнөрүнө шык берүү жана колдоо өрүкзар өрөөнүнүн жетишкендиктерин даңазалоо максатында, Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн урматына салт катары «Кут уялап, кулпуна бер, өрүкзар» фестивалы облмамадминистрациясы тарабынан өткөрүлүп, жыл сайын 160 миң сомдон сыйлыктар коюлууда. Үч райондо тең иштебей калган көптөгөн айылдык клубдар оңдоп-түзөлүп, калк кызматына кайтарылып берилди. Президенттибиздин маданиятка өзгөчө көңүл бура башташы бул багыттагы иштерибизге шык берүүдө.

**Байланыш жана маалымат.**

Област түзүлгөндөн бери эл акырындап маалыматтык таңкыстыктан арыла баштады. Областтык телекөрсөтүү компаниясы, областтык «Баткен Таңы» гезитинин журналисттери бул багытта же-

тонна сурма же 51,2 млн. сомдук өнөр жай продукциясын чыгарды. Жылдын аягына чейин 1500 тонна сурма чыгарылмакчы.

Мен мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, облasттыбыздын элин жаш дубандын он жылдык мааракеси менен ак дилимден куттуктаймын.

Республикабыздын жети дубанынын бири катары – Баткен областтынын келечекте баралдуу, гүлдөгөн аймак болушун каалаймын!

# АЙЫЛДАРДЫ ИНВЕСТИЦИЯЛОО ДОЛБООРУ

## Баткен областтында

– Баткен областты боюнча 5 жыл ичинде.
– долбоор саны – 809;
– АРИС – 139 734 миң сом;
– Коомчулук – 80 984 миң сом;
– Жалпы – 220 718 миң сом.

**Коомчулук тарабынан тандалып алынган 809 долбоор негизинен төмөнкү багыттарды түздү:**

– Билим берүү – 191
– Саламаттыкты сактоо – 45
– Айылдарды газдаштыруу – 32
– Электр менен камсыздоо – 87
– Таза суу менен камсыздоо – 37
– Ички каналдарды оңдоо – 44
– Айылдык маданият үйлөрү жана спорт залдары – 53
– Жол жана көпүрөлөр – 26
– Мончолор – 11
– Маалымат борборлор – 121
– Киреше алып келүүчү жана башка долбоорлор – 162.
– Баткен областты боюнча 2009-жыл ичинде;
– 21 Айылдык кеңеште иш жүргүзөт;
– АРИСтен – 40 780 миң сомдук гранттык каржылоо алат.

# ОБЛАСТТЫН БЮДЖЕТТИК ӨСҮҮ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ

*Баткен областтынын бюджеттик өсүүсү өзгөчө 2005-жылдын март революциясынан кийин тез темп менен жогорулай баштады. Өсүү тенденциясы төмөнкү эки таблицада чагылдырылган.*

| № | Бөлүмдөрдүн аталышы | 2005 | 2008 | Айырмасы | Аткаруу |
|---|---|---|---|---|---|
| | | млн.сом | млн.сом | (+, −) | % |
| 1 | Мамлекеттик кызмат | 42518,7 | 129439,8 | 86921,1 | 304,4 |
| | Коргонуу | 741,4 | 1632,0 | 890,6 | 220,1 |
| | Коомдук тартип | 624,7 | 1301,6 | 676,9 | 208,4 |
| | Билим берүү | 239671,4 | 521436,2 | 281764,8 | 217,6 |
| | Саламаттыкты сактоо | **41835** | **190633,4** | **148798,4** | **455,7** |
| | Социалдык камсыздоо | 5505,2 | 10104,6 | 4599,4 | 183,5 |
| | ЖКХ | 4199,4 | 16630,7 | 12431,3 | 396,0 |
| | Маданият | 5009,о | 18744,7 | 13735,7 | 374,2 |
| | **Жалпы** | **298269,8** | **699289,6** | 401019,8 | **234,4** |

| № | Бөлүмдөрдүн аталышы | 2005 факт | 2008 факт | Айырмасы | Аткаруу % |
|---|---|---|---|---|---|
| | Жалпы **миң** сом | **294229,6** | **712613** | **418383,4** | **1191,6** |
| | А и: максаттуу грант миң сом | 182689,5 | 317775,9 | 135086,4 | 173,9 |
| | Тендештирүүчү грант | 10598,0 | 30824,0 | 20226,0 | 290,8 |
| | Республикадан келген каражаттар миң сом | 49392,9 | 244277,7 | 194884,8 | 494,6 |
| | Жергиликтүү кирешелер миң сом | 51549,2 | 119735,4 | 68186,2 | 232,3 |
| | Дотация % | 17,5 | 16,8 | 16,3 | 19,5 |

## ОБЛАСТТЫН 2008–2010-ЖЫЛДАРГА СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАСЫ

Президентибиз К. С. Бакиевдин демилгеси менен «Кыргыз Республикасын 2008–2011-жылдарга социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн стратегиялык программасы кабыл алынганы белгилүү. Ошол программага ылайык Баткен областтынын да 2008–2011-жылдарга социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы иштелип чыккан. Бул программанын негизги өзгөчөлүгү: басым социалдык багытка жасалгандыгында. Ошондой эле, аталган программанын мурдагы кабыл алынып, бирок аткарылбай кала берген программалардан эң орчундуу айырмасы: ачык-айкын иш объектилери көрсөтүлүп, аларды аткаруу үчүн каржылык булактардын так белгилендигинде.

Жогорудагы программаны аткаруу үчүн 8 млд. 909,0 миллион сомдук инвестициялык долбоор киргизилген.

Баткен областтынын негизги өнүгүү багыты өнөр жай жана айыл чарба болгондуктан, ушул тармактарга басым жасалган. Бүгүнкү күндө областтын экономикасына, элдин жашоо деңгээлинин жогорулашына чоң таасир тийгизген куруулуштардан артыкчылыгы бар деп эсептелген объектилердин курулуштары жемиштүү улантылып, айрымдары пайдаланууга бериле баштады.

**Артыкчылык берилген курулуштар:**

1. Кызыл-Кыя шаарындагы Түштүк кыргыз цемент заводунун курулушу аяктап, иштей баштады. Бул заводдо жылына 1 миллион тонна цемент же 2 миллиард сомдук кошумча өнөр жай продукциялары өндүрүлөт. Муну менен төмөнкүдөй артыкчылыктар жаралат:

– областтын өнөр жайынын өсүү темпи 1,9 пайызга жогорулайт;

– элдин курулуш материалдарына болгон муктаждыгы жана калкты жумуш менен камсыз этүү проблемалары чечилет.

2. Баткен – Бүргөндү – Пүлгөн автожолунун берилиши менен:

– элдин жашоо деңгээли жакшырат;

– Өзбек Республикасы менен болгон чек ара постторунун түйшүгүнөн арылабыз;

– соода жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө 20–50 пайызга чейин кошумча өсүү камсыз болунат.

3. Төрткүл – Көк-Таш жолунун курулушун аяктоо менен Баткен, Лейлек райондорунун жана Сүлүктү шаарларынын калкынын Тажик Республикасынын айылдарын аралап өтүү түйшүгү жоюлду.

4. Айгүлташ – Самат электр линиясын тартуу пландаштырылууда. Аталган электр линиясы жеткирилсе, Лейлек району жана Сүлүктү шаарынын калктарынын электр энергия жагынан Тажик Республикасына болгон көз карандылыгы четтетилет.

### Айыл чарбасы боюнча

**Артыкчылык берилген багыттар:**

1. Асыл тукум чарба тузүү.
2. Жасалма уруктандыруу пункттарын ачуу.
3. Кайра иштетүү ишканаларын ачуу, кооперативдерди түзүү.
4. Сервисттик кызматтарды күчөтүү.
5. Жердин мелиоративдик абалын жакшыртуу.

**Иш жүзүндө төмөндөгүдөй жылыштар бар:**

1. 17 үрөнчүлүк чарбасы бар, анын ичинен 2008-ж. 8 чарба 479 га түзүлдү.
2. 2007-ж. 187 т. үрөн өндүрүлгөн, 2008-ж. 512 т. үрөн же + 325 тоннага көп.
3. 71 кооператив бар, анын ичинен 2008-ж. 9 чарба жаңыдан түзүлдү.
4. 10 айыл округда ири мүйүздүү малдарды жасалма уруктандыруу пункттары бар, 2008-ж. 4 пункт түзүлдү.

**Саламаттыкты сактоо:**

Жалпы 36 ФАП курулду же 20,1 млн. сомго.

Анын ичинен: Баткен району 13 ФАП же 8,5 млн. сом, Кадамжай району 9 ФАП же 3,3 млн. сом. Лейлек району 14 ФАП же 7,5 млн. сом.

2. Област боюнча 3 ГСВ курулду же 1,2 млн. сом.

Анын ичинен: Баткен району 1 ГСВ же 0,5 млн. сом. Лейлек району 2 ГСВ же 0,8 млн. сом.

3. 21,3 млн. сомго жалпы жабдуулар алынды.

4. Кызмат көрсөтүүдө: 4 ЦСМ, 4 оорукана, 6 дарыгерлер борбору, 83 ГСВ, 83 ФАП.

5. Область боюнча 585 дарыгерлер, 934 орто медкызматкерлер иштешет.

**Билим берүү:**

Баары болуп 225 орто мектепте 95 893 окуучу окуйт анын ичинен: Баткен районундагы 49 мектепте 17 351 окуучу, Кадамжай районундагы 80 мектепте 36 237 окуучу, Лейлек районундагы 65 мектепте 24 902 окуучу, Баткен шаарындагы 8 мектепте 4 887 окуучу, Кызыл-Кыя шаарындагы 14 мектепте 9 723 окуучу, Сүлүктү шаарындагы 9 мектепте 2793 окуучу билим алышат. Үстүбүздөгү жылы 91,8 млн. сомго 6 жаңы мектеп курулду анын ичинен: Лейлек районунда 79,8 млн. сомго 5 мектеп, Кадамжай районунда Саид Баюми фондунун эсебинен 12,0 млн. сомго 1 мектеп курулду. Кезектеги оңдоп-түзөө иштери үчүн Республикалык бюджеттен 20,6 млн. сом бөлүнүп, 225 мектепте ремонт иштери аткарылды. Ал эми капиталдык ремонт үчүн Бүткүл Дүйнөлүк Банктын эсебинен 21 орто мектепке 57,2 млн. сом, АБР эсебинен 3 мектепке 10,4 млн. сом жана Еврокомиссия тарабынан 1 мектепке 1,7 млн. сом бөлүнүп жалпысынан 25 мектепте капиталдык ремонт иштери жүргүзүлдү.

**Байланыш жана коммуникация:**

Область боюнча жалпы 198 айылдын 161 айылында байланыш бар, ал эми 37 айылында байланыш жок. Анын ичинен: Баткен районунда 9 айыл,

Кадамжай району 27 айыл, Кызыл-Кыя шаарында 1 айыл. Цифралык телефондук станция 10304 даана орнотулду, анын 5160 даанасы ишке киргизилди. СДМА-450 5000 даана орнотулуп, 504 даанасы ишке киргизилди. Цифралык телечагылдыргыч орнотулду. Кыргыз Республикасы менен Тажик Республикасынын ортосунда волокондук-оптикалык кабель орнотулду.

**Жаңы каналдардын курулушу:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 14-декабрындагы № 593 токтому менен Баткен областтынын аймагындагы айыл чарба объектилери үчүн 3 жылдык мөөнөт менен 550 млн. сомдук каражат бөлүнүп берилген, анын ичинен 310 млн. сомдук иштер 2008–2009-жылдар ичинде аткарылышы керек, бүгүнкү күндө 106,2 млн. сомдук жумуштар аткарылды. Курулуш иштери Баткен районундагы КРОЗ, Кадамжай районундагы Бүргөндү дюкеринин экинчи линиясы, «Каракыштак-Боз» каналы долбоорлорунда курулуш иштери жүрүп жатат.

Баткен районунун Рават айылына курулуучу күндөлүк көзөмөлдөгү суу сактагычтын долбоорлоо иштери бүткөрүлдү, курулуш иштери жакынкы күндөрү башталат. Лейлек районундагы Максат айылынан Арка массивине суу берүү үчүн дюкер курулушунун долбоорлоо иштери жүрүп жатат.


**Таза суу:**

– Областта 198 айыл болсо анын 137си айылы таза суу менен камсыз болуп, 61 айыл камсыз боло элек.


Анын ичинен Баткен районунда 20, Кадамжай районунда 32, Лейлек районунда 9 айылга таза суу жеткирүү милдети турат.

– 2009-жылдын ичинде 36,0 млн. сомго 2 объект курулат. Алар Баткен районундагы Бужун айылына, Лейлек районундагы Көк-Таш айылында курулат.

## 2008–2011-жылдарга Баткен областтынын Өнүгүү Программасынын тармактары боюнча каржынын жумшалышы



## 2008–2011-жылдарга Баткен областтынын Өнүгүү Программасынын каржылоо булактары




2008 –жылга **552** иш чара **3608,3** млн. сом каралган, аткарылды **516** иш чара **3864,8** млн. сом.
2009 – жылга **531** иш чара **2091,1** млн.сом каралган,

2009 1 кв. аткарылууда **173** иш чара **709,0** млн. сом.

## ОБЛАСТТЫ ЖЕТЕКТЕГЕН ГУБЕРНАТОРЛОР

Баткен областтынын 10 жылдык тарыхында анын башкы лидери – губернатору болуп элибиздин беш азаматы иштешти. Алардын ар бири билими, иш тажрыйбалары, саясий жетиктиги жана жасаган кызматтары менен Ата журтуна, элине белгилүү инсандар. Эмесе, беш губернаторубуз жөнүндө учкай маалымат.

### Айбалаев Мамат



Жаш Баткен областтынын туңгуч губернатору болуу шыбагасы тийген Мамат Айбалаев жетекчиликтин башында туруу менен, кыска убакытта төмөнкү эң зарыл тапшырмаларды ийгиликтүү жүзөгө ашырган:

Биринчи, ишке жөндөмдүү областтык структураны түзүүгө жетишкен. Экинчи, инфраструктурасы, курулуш тармагы анчалык өнүкпөгөн Баткен айылында областтык башкармалар менен уюмдарга конторалардy (офис) бөлүштүрүү, жайгаштырууну чече алган. Үчүнчү, областтын андан ары ар тараптуу өнүгүшүнө шарт түзүүчү жана элдин карым-катнашында эң зарыл болгон кошуна мамлекеттердин чек ара посторундагы абалды, транспорт кыймылдарын билгичтик менен жөнгө салууга жетишкен. Кошуна мамлекеттер менен сууну пайдалануу жагын тар-

типке салган. Мамат Айбалаевдин өзгөчө кийинки эки милдетти чечүүдөгү чечкиндүүлүгү менен билгичтигин областтын эли алиге жогору баалап келишет.

## Шадиев Аскарбек



Шадиев Аскарбек жаш болсо да, тыкан, иш билги жана чечкиндүү жетекчи экенин көрсөтө алган. Ал, биринчиден, жаш республикабыз тандап алган базар мамилесинин ички мыйзамдарын илгиртпей баамдап, областтын экономикасын ушул усулда өнүктүрүү жолуна салууда кыйла уюштуруу иштерин жүргүзө алды. Экинчиден, кошуна Өзбекстандын Фергана жана Тажикстандын Хожент областтары менен жакындашуу, достук мамилелерди чыңдоо жагын бекемдеди. Үчүнчүдөн, таза суу көйгөйүн чечүүнү жандандырган. Төртүнчүдөн, областтын борбору Баткен шаарынын инфраструктурасын өнүктүрүүгө, көчөлөрүн асфальттоого көңүл бөлгөн. Баткен областтык телевидениени ачты. Областтын 5 жылдык юбилейин өткөрдү.

## Кошматов Бараталы



Көп жылдык өндүрүштүк жана жетекчилик тажрыйбасы бар Кошматов Бараталынын областка губернатор болуп келишинен эл көптү күтүп жаткан. Өзгөчө ал областта курч көйгөй болгон сугат тармагында топтолуп калган проблемаларды чечүү менен айыл чарбасын алдыга жылдырууга жөндөмдүү эле. Бирок, элдик революциянын шарданында губернаторлук кызматтан кетүүгө туура келген. Ошентсе да, Кошматов Бараталы элине иш билги жетекчи катары белгилүү.

## Айжигитов Султан



2005-жылдагы элдик революциядан кийин губернаторлук кызматка келген Айжигитов Султан буга чейин бир катар жоопту кызматтарда иштеп, айрыкча коопсуздук жаатында тажрыйба арттырган эле. Дал ушул багытта жемиштүү иштеди. Өзгөчө ал Сох дарыясынын суусун Баткен түздүгүнө жеткирүү идеясын Өкмөттүк деңгээлге жеткирип, бул келечектүү иштин реалдуулугун далилдей алган. Сох анклавын аралап өтпөй,

Кыргызстандын чеги менен кетчү Баткен – Пүлгөн жолун куруу демилгесин көтөрүп, алгачкы жумуштарды баштагандыгы менен калктын баалоосуна арзыган.

### Жумабеков Маратбек



Область 10 жыл жашап, көп милдеттер чечилген сайын, улам жаңы проблемалар келип чыга берери турмуш мыйзамы. Дал ушул кезде областка губернаторлук кызматка отурган Жумабеков Маратбектин үлүшүнө кыска аралыкта кыйла иштерди жүзөгө ашыруу насибеси буюрду. Эң башкысы, көптөн бери сөз болуп келген Сүлүктү – Пүлгөн магистралдык жолунун курулушу кызуу жүрүп, Сох жана Исфара дарыяларына чоң көпүрөлөр курулду. Төрткүл – Көк-Таш аралыгындагы 24 чакырым аралыкка асфальт төшөлүп, жол катнашы алда канча жакшырды.

Республикалык маанидеги Кызыл-Кыя цемент заводу пайдаланууга берилди. Ошондой эле, айыл жана мал чарбачылыгында бир канча демилгелүү жумуштар жолго коюлду. Малдарды дарылоочу пункттар көбөйтүлдү. Кооперативдердин саны артты. Сугат тармагы жакшыруу жолуна түштү. Областтын борбору Баткен шаарынын эли акыркы жылы көп курулуштардын, жаңылыктардын күбөсү бол-

ду. Областтын 2008–2011-жылдардагы социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасынын негизинде көптөгөн тапшырмалар белгиленип, алардын бир кыйласы мөөнөтүнөн мурда аткарылды. Айгүлташ – Согмент – Таян жолдору салынды.

# АЛТЫН-БЕШИК ЭЛ-ЖЕРИНИН ӨТМҮШҮ

«Өтмүшсүз жер,
тарыхсыз эл болбойт».

**(Эл сөзү)**

Президентибиз Курманбек Салиевич Бакиев өзү жарыялаган Жаңылануу багытында элибиздин өткөн тарыхын адилеттүү калыбына келтирүүгө, улуттук маданиятыбызды коргоо жана өнүктүрүүгө өзгөчө басым жасаганы белгилүү. Анткени, ата-бабаларыбыздын кылымдык күрөшү бизге тажрыйба жана сабак. Кашыктап топтогон маданияты менен рух дөөлөтү улуттук көөнөрбөс казына. Ала-Тоо аймактары бизге калган таберик мурас.

Алтын-Бешик эл-жеринин өтмүшү жалпы кыргыз тарыхынын ажыралгыс бөлүгү. Айтылуу Фергана өрөөнүнүн түштүк өңүрүндө жайгашкан бул аймакты илгертеден кыргыздын ичкилик тайпасы жердеп келет. Андыктан, кыргыздар Фергана өрөөнүндө илгери-кийин доор сүрүп өткөн мамлекеттердин, хандык менен бектердин жарандары гана болуп калбастан, ал өлкөлөрдү жаратууга, башкарууга, аскерлерин куроого катышкан. Демек, Орто Азия, анын ичинде Фергана өрөөнүнүн бай тарыхы жөнүндө сөз жүргөндө, Алтын-Бешик кыргыздарын аттап өтүүгө мүмкүн эмес.

Калкыбыздын көөнөргүс энциклопедиясы болгон «Манас» эпосунда Алты-Бешик эл-жери кеңири баяндалган. Эпосто Баткен жериндеги Рават-Жакып (Жакып дарбаза), Канигут, Андакен (Айдар-

кен), Кулансай, Кызыл Кошун, Чилистен, Дөөтү пирим, Кара-Тоо, Сок өңдүү жер-суу аттары жыш.

Ичкилик тайпасынын тогуз урuусунун жана уруу башчыларынын ысымдарынын толук аталышы жана алардын кыргыз элинин боштондук күрөшүнө жигердүү катышканы, Манас каза болгондо, анын сөөгүн Бакай, Каныкей баш болуп Таластан бир айлап жол жүрүп отуруп, ушул Кара-Тоого (Алтын-Бешикке) алып келип жердешкени манасчы Сагымбай Орозбаковдун вариантында кеңири баяндалган.

Фергана өрөөнүндө доор сүрүп өткөн байыркы Даван мамлекетиндеги канаттуу күлүктөр тууралуу тарыхчы-окумуштуулар эчен курдай тамшана жазышты. Бирок, ошол күлүктөрдүн кимдерге таандык экени тууралуу лам деп ооз ачышпайт. Ал канаттуу күлүктөр «ат жалына казан аскан» кыргыздардын саяпкер ата-бабалары таптаган азоо аттар эмеспи!

Улуу падыша Султан Бабур Алтын-Бешик жеринде болгонун «Бабур нааме» китебинин дагы бир жеринде минтип жазган: «Фергана өрөөнү менен Кашкар аралыгындагы тоолор арасында чекрак-чогорок эли жашайт. Уй ордуна топоз багат. Койлору өтө көп». (Султан Бабур, «Бабур нааме», 32-бет, 1990-ж., Ташкен.) Бабур жазып кеткен чогорок эли бүгүн ичкилик тайпасынын нойгут жана бостон – теит урууларынын ичинде азырга чейин өзүнчө топчо катары саналат. Чогороктор – Баткен районунун Газ, Чарбак, Кадамжай районунун Галча-Чогорок айылдарында өмүр кечиришет.

Андыктан, кыргыз калкы түп-тегинен Алтайдан көчүп келген деп бир жактуу кароого болбойт. Байыркы кыргыз эли Алтайдан тартып, Алайга че-

йинки туташ аймакта тарыхый шартка жараша бирде көчүп-конуп, бирде отурукташып жашап келген десек жөндүү. Тарыхый кырдаалдар элдин жашоосун дайыма калчап турган. Кыргыздар четтен басып кирген кубаттуу баскынчылардын кысымдарына жана кошуналар менен мамилесине жараша же Алтайга же, Алайга жер которуп турушкан. (Алтай сөзүнүн бир эле **т** тыбыш-тамгасын алып койсоң, алай болуп калганында да тарыхый мандем бар).

Манас баш болуп Алтайдан кайткан кыргыздар казак талаасын аралап өтүп, Фергана өрөөнүнө киришет. Алгач Алтын-Бешик аймагында тыныгуу алышат. Жерин сагынган эл Ала-Тоо аймагын «Кагылайын, Ата журтум!» деп айтканын окуган ар бир улутташым толкунданбай коё албайт. Манас колу андан ары аталар жерин чет элдик баскынчылар Шооруктан, Аравантыда ордо тиккен Алookeден бошоткону эпосто зор ынта менен баяндалган. Тек кийинки жүз жылдыктарда монгол, калмак баскынчылыгынан тозгон кыргыздар биротоло көчмөн турмушка оогон десек жүйөөлүүдөй.

Лейлек районунун Өзгөрүш айлына кире бериш босогодо дүйнөдө биринчи жолу адамзатка темир иштетүүнүн сырын ачкан Дөөтү пайгамбардын (жергиликтүү эл Дөөтү-пирим дейт, *автор*) ыйык жайы бар. Жергиликтүү кыргыздар ага азиз жер катары сыйынып, зыяраттап келишет.

Баткен районунун Ортобоз түздүгүндө Канигүт эски кени алиге сакталуу. Аны кезинде кыргыздардан тышкары кытайлар, араптар, фарсылар жана акырында орустар иштетишкен. Баса, «Манас» эпосунда Канигүт да айтылат. Демек, бул баалуу тары-

хый эстеликтер биздин ата-бабаларыбыздын адамзат цивилизациясына кошкон үлүштөрүнүн бир үзүм күбөсү. Эл эс-тутуму эч качан ата-бабалардан калган ыйык табериктерди унуткан эмес.

Кыргыз элинин өтмүш тереңиндеги күңүрт тарых барактары мезгил улам берилеген сайын жарып отурат. Азоо ат минишкен кыргыз жигиттеринин орто кылымдардагы кыйкырык-сүрөөндөрү кулак түбүндө жаңырат. Моголстандын кубаттуу аскерлеринин өзөгү кыргыз жигиттери болгон. Амир Темирдин Ак сарайында чокчогой калпак, чокчо сакалчандар өкүмдүүлүк кылышкан, Көрөгөндүн Ак сарайындагы тартип, салт-санаа, мейман күтүү каадасы жана күндөлүк тиричиликте да ошолордун жашоо эрежелери колдонуларын италиялык саякатчы Марка Поло жазып кетиптир.

Кезинде улуу Моголстан мамлекетин жойгон Амир Темир көрөгөндүн башына да өлүм мүшкүлү түшөт. Улуу өкүмдар күч менен курган империя ыдырап, майда хандыктарга бөлүнүп кетет. Бечел хандыктар өз ара жер-суу, эл талашып, ич ара согуш күчөйт. Мындай абалды аңдып турган жунгар калмактары басып киришет казак-кыргыз жерине. Ич ара кагылышуулардын айынан алсызданган казак, кыргыздар душманга татыктуу каршылык көрсөтө албай, туш-тушка тарайт. Казак Сибирь токойлоруна качып кирип, кайыңдын суусун ичип жан сактаса, кыргыз Памир, Гисарга оойт. Ошондон «Казак кайың саап, кыргыз Гисар качканда» деген ачуу тарыхый ылакап калган.

Калмак кысымынан жан сактап, Ысык-Көл, Нарын, Чүй, Талас кыргыздары Ферганага оойт. Ал-

тын-Бешик кыргыздары журтташтарын кучак жая тосуп алып, биргелеше күч топтоп, акыр түбү каардуу душман Ала-Тоо койнунан куулат. Бул тарыхый окуянын изи Алтынбешикти жердеген кыргыз-кыпчак ханы Шырдакбектин калмак менен согушуп, Нарынга чейин барган окуясында сакталып калган.

Бабалар айтмакчы эл тарыхы, журт тагдыр-ооматы улам оошуп турат шекилди. Бүгүн Алтын-Бешик кыргыздарынын бир бөлүгү Чүй бооруна ооп, жашоо насибин көрүшүүдө. Турмушта өткөндүн баары сабак белем! Тек, элим ар качандан бир качан журт арасындагы ала мышыктай жойлоп жүргөн Абыке менен Көбөштөрдүн азгырыгына кирип кетишпесе. Биримдиги менен ынтымагына доо кетирип алышпаса. Чиркин.

Алыкул акын айтмакчы: «Сен ооруба, мен ооруюн, Ата журт!» Ата журттун алы-күчүн кетирген дарт бул – элден ынтымактын кеткени. «Ырктуу болсоң – озоорсуң да, ырксыз болсоң – тозоорсуң» деген да накыл кеп айтылат элибизде. Бүгүн кыргыз элине ынтымак аба менен суудай зарыл болуп турган чак.

Каардуу жунгар калмагы Ала-Тоо аймактарында жүз элүү жылдай мандаш токуна отуруп, кыргыз жигиттерин кул, кыздарын күң кылышкан. «Мактым кыз» өтмүш баяны ошол мүшкүл жылдардын бир үзүмү. Элдин мындан алган ачуу сабагы бул болгон: өзүн чет баскынчылардан коргой турган төл мамлекеттин болуу зарылдыгы.

# КОКОН ХАНДЫК ДООРУ

«Өткөнүңө таш ыргытсаң, келечек
сени замбирек менен атат».

**(Расул Гамзатов)**

**Кокон хандык доору Алтын-Бешик кыргыздарынын жакынкы тарыхы менен ажыралгыс байланышта. Анткени, Баткен кыргыздары хандыкты түзүүгө, башкарууга катышып, анын ысык-суугун баштарынан өткөрүшкөн.**

Жунгар калмактарынын баскынчылык азабын тартышкан Фергана элдери «Өз тонуң денеңе жакын» демекчи, Кокон хандыгын тикелешет. Бул окуя 1710-жылы жүз берип, такка ак кийизге оролуп, кыргыз Абдырахманбек отурат. Так мураскорлору Нарботобек, Эрданабек болуп, бери улана берген. (Зиябидин Максым. «Фергана хандарынын тарыхы», 49-бет. Бишкек, 2001-жыл). Зиябидин Максымдын китеби белгилүү болгонго чейин Кокон хандыгын негиздеген алгачкы хандардын улуту жөнүндө талаш-тартыштар жүрүп, такталбай келген. Аталган баалуу китепте хандыктагы окуяларга кыргыз эли башынан аягына чейин катышканы кашкая айтылып турат. Лейлектик тарыхчы Гапыр Мадаминов өзүнүн «Лейлек жана Лейлектиктер тарыхы» аттуу китебинде: «Хандыкты өзбектердин миң уруусунан чыккан хандар башкарган. Династиянын негиздөөчүсү Шоорук бий» деп жазат. (Г. Мадаминов, «Лейлек жана Лейлектиктер тарыхы». 43-бет, Бишкек, 1998-ж.) Кокон хандыгын өзбек тарыхчылары өзбек хандыгы десе, кыргыз тарыхчы-

лары кыргыз хандыгы деп, бир пикирге келе албай жүрүшөт.

А, чындык башка нерсени каңкуулап турат: Кокон мамлекетин эки эл бирге башкарган, экөөнө тең тиешелүү хандык. Анткени, ал кезде (көп кылымдар) Орто Азияда тарыхый кырдаал, башкаруу салты ошондой болгон. Хорезм, Бухара, Самаркан, Кокон мамлекеттери эч качан бир элден турган эмес. Ошон үчүн кыргыздардан чыккан Абдрахманбек, Нарботобек баш болуп, Жусуп бий, Мусулманкул аталык, Алымкул аталык, Алымбек датка, Курманжан датка, Калназар эсепдан (каржы министри) ж. б. кыргыз уул-кыздары хандыктын ар кыл мезгилдеринде Кокон мамлекетин өзбектин миң уруусунун чыгаан уул-кыздары менен кошо башкарышкан. Хандыктын аскери негизинен кыргыз, өзбек жигиттеринен куралган.

Көпкө чейин Кокон мамлекетин Европа, орус тарыхчыларынын көз караштары менен баалап жүрдүк. Кудум Европа топурагынан көчүп келгенсип, өз аталарыбыз түзгөн жана жашаган мамлекетти тандык, кадырын кетирген мазак сөздөрдү аябадык.

Алына жараша Кокон хандыгы бир жарым кылымдай Орто Азия жана Түштүк Казакстан элдеринин тынчтыгын камсыз этип, чет баскынчыларга сүр болуп берген. Хандыктын Орто Азия элдеринин тарыхында салмактуу орду бар. Алар төмөнкүлөр:

1. Хандыктын түзүлүшү менен улуттар аралык жаңжал бир кыйла солгундаган.

2. Бир улуттун ичиндеги ич-ара кагылышуулар кескин азайган.

3. Чет элдик баскынчылардан Кокон мамлекети өз ээлигиндеги элдерди коргогон. Маселен, 1857-жылы Эркечтам аркылуу Кытай черүүлөрү Алайга кирип келгенде, Алайлык Алимбек деген бийге (Алымбек датка эмес) Кокон хандыгы душманды кууп чыгууга жардам берген. Же Фергана элдерин басып алып, талап-тоногон Бухар эмирлигинин аскерлерин кууп чыккан.

4. Империялык кубаттуу мамлекеттердин Орто Азияны басып алуусун кыйла кечеңдеткен.

Авар элинин улуу акыны Расул Гамзатовдун: «Өткөнүңө таш ыргытсаң, келечек сени замбирек менен атат» деген канаттуу сөзү бар. Ошонун сыңарындай кечээ эле жашап өтүшкөн аталарыбыздын тарыхына, анын ичинде Кокон хандык доорундагы басып өткөн жолдоруна кесир мамиле жасабайлы. Хандыктагы элдердин ынтымагынын жоктугу, бириге албагандыгы жана бийлик талашуунун токтобогондугунан калган тарыхый сабак.

*(Россиянын жана СССРдин курамындагы жылдар тууралуу сөз кылбадык. Анткени, алар тууралуу окурмандар жетишерлик кабардар.)*

## ЭРКИН ЭЛ, ЭГЕМЕНТ МАМЛЕКЕТ

**Желбиреген Кызыл Туу,**
**Тоо бүркүттүн канаты.**
**Жаңырган Гимн түбөлүк,**
**Кыргыздын бүтпөс санаты.**

«Өлбөсөң өрүк жейсиң» деп айтышат Алтын-Бешиктик кыргыздар. Сан кылымдар бирде Алтай-Сибирде, бирде Ала-Тоо койнунда өмүр сүргөн кыргыз калкы эркин эл, эгемен мамлекеттүүлүккө жетүү үчүн не деген кандуу кагылыштарды башынан кечирбеди. «Бизге эркин эл болуу, эгемен мамлекет куруу насиби качан буюрар экен?» – деген илгери үмүт, арзуу – кыял кыргыз баласынын эси-көөнүнөн эгерим бир күн да кетпеген. Кытай, Искендер Зулкарнайн, арап, монгол, Орто Азия падышачылыктары, калмак, орус, кимдер гана оторчулук кылышпады кыргыз жерин. Баары бир элим эч качан эркиндиктен күдөрүн үзгөн эмес, ага жетүү үчүн күрөшүн токтотпогон. Элим Манастын «ортосунда кызыл туу, оң жагында ак асаба, сол жагында көк асабасын» кайрадан түндүгүнө тигүүнү эңсеп, арзып, күрөшүп отуруп, XXI кылымга баш бакты.

Акыры журтум кылымдардын мезгил океанында сүзүп жүрүп, «көздөн учкан көк жээкке» – эгемен күнгө жетип келди. Бул жылдардын ыйыгы, күндөрдүн улугу – 1991-жылдын 31-августу эле.

Ошентип, дүйнөлүк картага «Кыргыз Республикасы» деген эгемен өлкө жазылды. ООНго эркин өлкө катары мүчө болуп, кырмызы туусу дүйнөлүк

өлкөлөрдүн тууларына жанаша желбиреди. Эркиндик туусу менен катар эгемен мамлекеттин башкы белгилери болгон Гимн, Герб жаралды. Эми кыргыз эли өзүнүн сүйүктүү өлкөсүнүн тагдырын өзү чечип, мамлекеттүүлүктүн оор-жеңил жүгүн өзү көтөрүү энчисине ээ.

Эл сүйүктүү Ата журтунун ачуу-таттуу күндөрүн мойнуна алып, бардык сыноолорду ийинине артырууга даяр эле. Ошондой сыноолордун бирин адебей баштан өткөрүүгө туура келди. Ал Баткен коогалаңы.

# БАТКЕН КООГАЛАҢЫНЫН САБАКТАРЫ

«Чептен – эрдин күчү бек».

***(Кыргыз эл макалы)***

Кыргыз эли эгемендүүлүккө ээ болуп, келечек тагдырын өзү чече баштаган алгачкы жылдарда анын эртеңи жөнүндө кандай гана «тондор бычылбады». Эмне деген ойлор айтылбады да, не деген жоромолдор токулбады. «Легендарлуу» парламент деген аталыш менен кыргыз тарыхында калган Жогорку Кеңештин бир депутаты: «Кыргызстанга күчтүү аскер керек. Ал түгүл ядролук курал болсо ашыктык кылбайт», – деп кайра-кайра какшанганы күнү бүгүнкүдөй эсибизде. Экинчи бир депутат: «Кыргызстан эч кимге катылбаган, тынчтыкты сүйгөн жолду тандап алгандыктан, бизге туруктуу аскер кармоонун зарылдыгы жок. Ага жумшаган каражатты өлкөнү өнүктүрүү үчүн пайдаланалы», – деп саймедиреген. Жогорудагы эки депутаттын эки ача оюу бир дарыяны экиге бөлгөн суу бөлүштүргүч сымал эле. Анткени, эл башкарган жетекчилердин аскер кармоо тууралуу ойлору да кандайдыр эки ачадай туюлчу ошол кезде. «Алдыңкы көч кайда барса, калганы аны ээрчийт» демекчи, элдин арасында да эки анжы ойлор болгону чындык.

Бирок, мезгил дегениң тез эле биринчи депутаттын айтканы туура экенин далилдеди. 1999-жылдын жайында эл айтмакчы «Чак түштө» сакалчан деген чакырылбаган коноктор Баткен жерине жойлоп кирип келгенде, бүтүндөй Ала-Тоо аймагы селт

деп алды. Ошондо сүйүктүү өлкөбүздүн тагдыры жөнүндө бир ойлондук.

Көрсө, жаш өлкөбүз Швейцариянын туткан жолун жолдогудай саясий, экономикалык, территориялык проблемалары чечилип калган Батыш Европа өлкөлөрүнүн чок ортосунда эмес; толгон-токой көйгөйлөрү уюп жаткан өлкөлөрдүн ортосунда, ал түгүл дүйнөлүк наркобизнестин «жибек жолунун» боюнда, диний жол менен бийлик мунарасына жеткиси келген өлкөлөрү жок, «ошуналарга» жанаша экенбиз.

Тоо арасындагы 8 айылдын эли сакалчандардан үркүп, үй-жайларын таштап качууга мажбур болду. 2000-жылы ашуулардагы кар-муз тайганда «сакалчандар» кайра келишти. Бул сапар алардын саны көбүрөөк эле. Бирок, кыргыз жоокерлери да душмандын согуштук ык-жолун билип, тажрыйба арттырып калууга үлгүргөн болчу. Душман көп жоготууга учуроо менен жерибизден куулуп чыккан.

Эмнеликтен кыргыз аскери адегенде кемчилик кетирип, душманга дароо сокку ура алган эмес? Анын бир нече себептери бар:

1. Жаш кыргыз мамлекетинин аскери да жаш болгон.

2. Аскерлердин тоо шартында согушууга тажрыйбасыздыгы.

5. Заманбап курал-жарактардын жетишсиздиги.

6. Куралдуу Күчтөргө ар тараптуу камкордуктун солгундугу жана маани бербегендик.

8. Акырында: кооптуу абал пайда болгон кезде коргонуу чараларын жеринде чечүү, тез арада уюштуруу иштерин колго ала турган жетекчиликтин (Бишкек 1000, Ош 250 чакырым) алыстыгы.

Жогорудагыдай себептерден улам артында таяныч мамлекети болбогон, бирок мыкты куралданып, тоо шартында согушууга тажрыйба топтогон аз сандагы душмандын кыйла зыяны тийди. Согуш учурунда 58 жоокер жана жарандарыбыз курман болушту. 8 айылдын эли үй-жайларын таштап, чатырларда жашашты. Мамлекет Баткен коогалаңында 700 миллион сом чыгымга учураган. (Ошол кезде басма сөздөргө жарыяланган маалыматтарга таяндык, *автор*).

Ырас, коогалаң башталары менен Кыргыз Өкмөтү аскерлерди ар тараптан колдоп, душманды жерибизден тезирээк кууп чыгуу үчүн саясий, уюштуруу, коргонуу иштерин жандандырды. Аскерлердин моралдык рухтарын көтөрүү, заманбап курал-жарактар менен куралдандырууга көңүл бурду.

Баарынан да, «Кимдин ким экени башка кыйынчылык түшкөндө билинет» деген ата-бабаларыбыздын накыл сөзүнүн маани-маңызы Баткен коогалаңы кезинде дагы бир жолу ырасталды. Баткен журтун Ала-Тоонун бардык өңүрлөрүндө жашашкан элибиз колдоп чыгышты. Ошондо Алтын-Бешиктиктер жалгыз эмес экендиктерин жүрөктөрү менен туюп, акыл-сезимдери менен сезишти. Туш-тушан колдоолор, тилектештик билдирген каттар тынбай келип жатты. Жүрөк үшүп, сезим муздап турган күндөрдө жанга кубат болор мындай жагымдуу сөз тарап кетти эл арасына: Алыскы Нарындын бир айылында аксакалдар жигиттерди топтоп алып:

«Ата журтубуздун бир четине жоо тийиптир, коргогону жөнөгүлө!» деп чакырык таштаган имиш. Улутташ, мекендеш, журтташ деген ушул тура.

«Бир жандыктын мүйүзү зыркыраса, миң жандыктын мүйүзүнө доо кетет» дегени ушул белем!

Душманды жок кылууда жана жергебизден кууп чыгууда Кадамжайдын, Майлы-Сайдын, Таластын, Нарындын, Көлдүн, Чүй менен Оштун азамат жигиттери жан аябай салгылашты. Кыргыз жерин өз Ата журттары катары көрүшүп, бактылуу өмүр кечирип жатышкан өзбек, орус, тажик, татар мекендеш-жигиттерибиз кыргыз жигиттери менен ийиндеш туруп, жоо жолун тосушту. Ошондо бир билдик эл өстүргөн, тарбиялаган азаматтардын күнү келсе Мекен керегине жарай турганын. «Азыркы жаштар андай-мындай» деген ойдо жүргөндөрүбүз ичибизден уялып калдык. Кыргыз калкы эл-жерин сүйгөн эр жигиттерден эч качан кур болбогон. Манас атабыздан бери карай кайратман эрлерибиз Ата журтун чет душмандан коргоп келген.

Бүгүн коогалаң кезинде «сакалчандар» менен урунттуу салгылашуу болуп, жоо менен беттешүүдө шейит кеткен жоокерлерибизге эстеликтер орнотулган. Айдаркен түздүгүндөгү Сырт айылынын четине – жети баатырдын, Селлик капчыгайынын оозунда – беш баатырдын эстеликтери тургузулган. Жергиликтүү айылдардын тургундары ал эстеликтерди дайыма көз карегиндей сакташып, гүл коюп турушат. Окуучулар эстелик маңдайында эрдик сабактарын өткөрүшүп, баатырларга таазим этүүнү салтка айландырып алышкан. Бишкек шаарынын чок ортосуна – Баткен коогалаңынын Баатырларына арналган эстелик орнотулган. Баткен шаарынын саябан-багына курман болгон жоокерлерге арналып айкел тургузулду.

## ОБЛАСТТЫН ТҮЗҮЛҮҮ ЗАРЫЛДЫГЫ

«Себеп – окуянын кыймылдаткычы».

*(Эски чындык)*

***Алыскы регионду өз алдынча область катары түзүү айрыкча Кыргызстан эгемендүүлүккө жетишкенден кийин зарыл экендиги көрүндү. Алар негизинен төмөнкү зарылдыктар эле:***

**Субъективдүү себептер:**

***Биринчиден***, Кыргыз Республикасынын чек ара бүтүндүктөрүн сактоо, элдин тынч жашап, эмгектенүүсүн камсыз кылуу болчу. Баткен областтынын түзүлүшүн Баткен коогаланы тездетти деген сөздө чындыктын үлүшү бар. Бирок, негизги себеп болду деген ой туура эмес. Бул опурталдуу окуя башка региондордон кыйла обочо жайгашкан регионго ар тараптан (экономикалык-каржылык, аскердик коргонуу ж.б.) өзгөчө көңүл бурууга түрткү берди жана коомчулукту ойго салды.

***Экинчиден,*** жаңы областтын жери географиялык жактан алганда да башка областтардан кыйла четте жайгашкандыгы менен региондун туруктуу өнүгүүсүнө дайыма кедергисин тийгизген. Республикабыздын борбору Бишкектен дээрлик 1000 чакырым ыраакта. Ал түгүл Оштон 250–350 чакырым алыста. Бул өтө зарыл саясий-экономикалык маселелерди чечүүнү дайыма кечеңдетип келген.

***Үчүнчүдөн***, Баткен аймагы башка региондордон өтө алыс болгондуктан, өзүн туш тараптан курчап турган Өзбекстан менен Тажикстандын областтары, райондору, шаарлары менен көп жагынан (жол катнаш, соода-сатык, чек ара маселелери ж.б.) эсептешүүгө мажбур эле.

***Төртүнчүдөн***, жогорудагы үч себептин натыйжасында Баткен областтынын шаар-кыштактарынын инфраструктурасы республиканын башка аймактарынан начар өнүккөн.

***Бешинчиден,*** СССР мезгилинен «мураска» калган кошуна Өзбекстан менен Тажикстандын бир катар райондору менен чек аралык чечилбеген маселелердин бардыгы. Сейрек болсо да бул маселелерде карама-каршылыктардын болуп тургандыгы.

***Алтынчыдан,*** аймакта маданий-социалдык өнүгүүнүн деңгээли жыйырманчы кылымдын 70–80-жылдарынын деңгээлинде кала берген. Натыйжада ички миграция күч алган.

***Жетинчиден,*** 1999–2000-жылдардагы коогалаң бул аймактын чегин бекемдөө үчүн өзгөчө камкордук керек экенин дагы бир жолу далилдеген.

Жогоруда саналган негизги себептерден тышкары да көптөгөн кечиктирбей чечүүнү күткөн маселелер бар эле. Аларга региондун тез өнүгүшүнө түрткү бере турган инвестицияларды тартуу, демөөрчүлөрдүн жардамдарынан пайдалануунун начардыгы, маалыматтык таңкыстык д.у.с. Ушундай боксолуктөр, себептер Баткен регионун кечиктирбей областка айландыруу зарылдыгын пайда кылган. Мындай зарылчылыкты чечпей кечеңдете берүү

утулуш гана болорун Өкмөт учурунда сезип, маани бергени маалым.

*Сегизинчиден,* Областтын өздөштүрүлө элек дың жер запасынын молдугу. (150 миң гектардан ашык.)

**Объективдүү себептер:**

– областтын эмгекчил эли;
– кен байлыктарга бай региондугу;
– климаттык ыңгайлуу шарты.

Жогоруда саналып өткөн зарылдыктарды чечүү менен чет-жака катары артта калып келе жаткан региондун экономикасын жогорулатып, айыл-кыштактардын инфраструктураларын жакшыртууга кеңири жол ачуу маселеси бышып жетилген болучу.

Баткен областы жер үстү, жер асты байлыктарга мол регион. Айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн өздөштүрүлө турган жер запасы жагынан (150 миң гектардан ашык) башка областтардан кыйла артыкчылыгы бар. Мындай артыкчылык республикабыздын көп областтарында жок. Жер асты байлыктары жагынан дүйнөлүк маанидеги кендерге ээ. Жогоруда айтылган эки байлыкты тең эл чарбасын өнүктүрүү, жергиликтүү калктын турмушун көтөрүүгө багыттоого тийиштүү шарт түзүлбөй келген.

## ДОСТУК ӨЗ АРА УРМАТ-СЫЙ МЕНЕН КӨРКТҮҮ

**«Казак – карындашым,**
**Өзбек – өз элим,**
**Түркмөн – тамырлашым,**
**Тажик – тагдырлашым».**

*(Эл сөзү)*

Фергана өрөөнү байыртадан эле кыргыз, өзбек, тажик элдеринин орток мекени. Даван, Карлук, Моголстан, Караханид, Самаркан, Бухара жана Кокон, Россия, СССР мамлекеттеринин туусу астына биригип жашоо менен үч эл ыйык достук үлгүсүн кийинки муундарга аздектеп калтырышкан. Бир өрөөндө, бир мамлекеттин чегинде турмуш өткөрүшүп, бир тоодон агып келген дарыялардын, бир булактын суусун ичишип, бир топурактын азыгынан наар алышкан.

Тарых өкүмү менен акыры минтип үч эл тең арзып күткөн күнгө жетип, өз алдынча эгемен мамлекетке ээ. Анткен менен, үч элдин тарыхый достугу, бирин-бири урматтаган ыйык салты токтоп калган жок. Мезгил салттуу достукту жаңыча үлгүдө улантуу, эгемен мамлекеттер катары бири-биринин өз алдынчалыгын сыйлоо менен мамиле кылуу шартын сунуштады.

Ошентип, XX кылымдын этегинде пайда болгон үч элдин алдында чечүүнү талап кылган проблемалар да бирге жаралды. Аларды жогорку мамлекеттик деңгээлде, үч жактын тең кызыкчылыгын эске алуу, сыйлашуу менен чечүүнү салтка айландыруу зарылчылыгы келип чыкты. Ал зарылчылыктардын айрымдарын санап өтөлү:

*Биринчи*, үч мамлекеттин ортосун бөлүп турган жүздөгөн чакырымдарга созулган чек ара тилкелерин аягына чейин аныктап, тактап, (делимитация, демаркация) ажыратып алуу зарылчылыгы күн тартибине коюлду.

*Экинчи*, эми үч мамлекеттин тең суу маселесинде өз-өзүнчө кызыкчылыктары жаралды. Башка проблемалардай эле муну да өз ара түшүнүшүү, үч жактын тең кызыкчылыктарын «жети өлчөп, бир кесүү» менен эске алып, жолго коюудан өтөөрү жок.

*Үчүнчү*, жол катнашы жагынан да үч мамлекет белгилүү өлчөмдө бири-бирине көз карандылык жагы бар. Биз канчалык бөлүнүп, өз кызыкчылыгыбызды көздөй бергенибиз менен, жашоо өз өкүмүн жүргүзө берет. Өз ара мамиледе ушул мыйзам бузуунү үч элдин бири да каалабайт.

Орто Азиянын жаш мамлекеттери да Европа мамлекеттериндей бири-бирине дарбазаларын кең ача турган учур келет. Жер шары ансыз деле тарып баратат. Аны өз ыктыярыбыз менен шашылып тарыта берсек, тирүүчүлүктө өз колубузду өзүбүз байлаган менен барабар. Ырыскысы түбөлүк бир жерге чачылган кошуна үч эл илгертеден бири-бирине дарбазасын кең ачып, төрүнө өткөрүп, дасторконун кең жайып келген калктар. Мындан ары да ата-бабаларыбыз тутунган салтты улантуу менен гана берекепайыздуу кең өрөөндүн үзүрүн көрө алабыз.

Кыргыз Өкмөтүнүн саясий-дипломатиялык багыты жетекчиликке алынуу менен Фергана жана Согди областтарынын жетекчилери менен жолугушууларды өткөрүү туруктуу салтка айланган. Биринчи мындай жолугушуу Согди областты менен

2001-жылдын 17-майында өткөрүлгөн. Эки жактын тең кызыкчылыгын эске алган документ иштелип чыккан.

Анда эки областтын чек ара, бажы посторун жөнгө салуу, келип чыккан көйгөйлөрдү өз ара кеңешип, «ийри отуруп, түз чечүү» жагы каралган. Мамлекеттер аралык жана областтардын ортосундагы ушундай жолугушуулар 10 жылдан бери бир нече жолу өткөрүлүп, өз жемишин берүүдө.

Тажикстандын тогуз райондору менен областтын жалпы чек ара тилкеси 673,7 чакырым. Эки республиканын Өкмөттөрүнүн, област жетекчилеринин жана эки тараптан тең атайын түзүлгөн паритеттүү комиссиялардын күчтөрү менен азырга чейин 237,0 чакырым чек ара тилкеси такталып, өз ара макулдашуу менен бекилген. Калган чек ара тилкелери боюнча да эки тараптуу комиссиялар бирдиктүү макулдашууларга келишсе, жалпы чек араларды делимитациялоо жана демаркациялоолорго жол ачылат. Бул үчүн Өкмөттүк деңгээлдеги эки тараптуу жолугушуулар улантылууда. Маселен, 2008-жылдын 6-ноябрында Баткенде Тажикстандын мамлекеттик коопсуздук Комитетинин жетекчиси Амиракул Азимов менен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик Коопсуздук Комитетинин жетекчиси Адахан Мадумаров баш болгон Өкмөттүк делегациялардын жолугушуусу өткөрүлгөн. Анда чек ара жана башка талаш маселелер каралып, бир катар макулдашууларга жетишилген. Бул жолугушуу 2009-жылы 3-мартта Кожентте улантылып, өз ара мамилелер, ар кандай талаш маселелерди сүйлөшүү жолдору менен чечүү жагына жетишилген. Ош – Сү-

лукту магистралдык жолу багытындагы Исфара дарыясына 270 метрлик көпүрөнү курууга макулдашылган.

Жан кошунабыз Өзбекстандын Фергана областтынын жетекчилиги менен Баткен областтынын жетекчилигинин өз ара жолугушууларды өткөрүүсү жакшы адатка айланып калды. Өткөн он жылда мындай бир канча жолугушуулар өткөрүлүп, ортодо пайда болгон проблемаларды учурунда чечүү маселелери ортого коюлган. Жолугушуулардын башкы принциби ысык мамиле жолу болгондугу менен жагымдуу.

Өзбек кошуналар менен туңгуч жолугушуу Фергана шаарында өткөрүлүп, Кадамжай районунда улантылган. Ушундай рангадагы сүйлөшүүлөр бир нече жолу кайталанып, өз жемишин берди. Жыйынтыгында эки тараптан тең ашыкча чек ара, бажы посторy алынды. Муну менен эки тараптын элинин карым-катнашына, эл чарба жүктөрүн ташууга жеңилдиктер болду. Буга эл канааттанганын ачык билдирди. Ошондой эле, эки элдин базарларда өздөрүнүн дыйканчылык өнүмдөрүн эркин сатууларына мүмкүнчүлүк берилди. Алгачкы жагымдуу натыйжалар келечекте бул жааттагы проблемаларды толук жоюуга боло турганынан кабар берет.

Өзбек Республикасы менен жалпы 384,11 чакырым чек ара тилкесинин 280,5 чакырымы тактальп, өз ара макулдашуу менен бекилди. Калган чек ара тилкелери толук эки тараптуу паритеттүү комиссиялардын макулдашуусу менен бекилсе, бардык чек ара тилкелери делимитация жана демаркацияланат. Бул проблеманы чечүү жолундагы ара-

кеттер эки республиканын Өкмөттөрүнүн ортосундагы өз ара саясий, дипломатиялык сүйлөшүүлөр жыл сайын кайталанып, маселе оңунан чечилүү жолунда.

Мындан тышкары Өзбекстан жана Тажикстандын эки кошуна областтары жана райондору менен өз ара маданий, чарбалык байланыштар жүрүүдө. Кошуна элдер биздин базарларга, биздин эл алардын базарларына эркин өтүп, соода-сатык жүргүзүп, ашыкча дыйканчылык өнүмдөрүн бири-бирине сатып турушат. Согди областты жана кошуна Исфара, Гафуров райондору менен Лейлек, Баткен райондорунун ортосунда өз ара маданий тыгыз байланыштар чыңдалып жатат. Ошентип, үч элдин ортосундагы кылымдык салты, тажрыйбасы бар достук мамиле бүгүн жаңыча форма, мазмун менен байып, өз жемишин берип жатканы менен жагымдуу.

# ҮЧ РАЙОН, ҮЧ ШААР

## ӨРҮКЗАРЛУУ БАТКЕН

*10 жыл аралыгындагы бардык салаалар боюнча өзгөрүп-өсүүлөр тууралуу китептин областтык бөлүгүндө жалпы айтылып өтүлгөндүктөн, район-шаарлар жөнүндө кыскача маалыматтарды берүү менен чектелгенибизди окурмандардын эсине салабыз.*

*Баткен району, Баткен областтынын борбордук бөлүгүндө жайгашкан. 1934-жылы уюшулган. Батышынан Лейлек, чыгышынан Кадамжай райондору, түндүк-чыгышынан Өзбекстан, түштүк-батышынан, түндүгүнөн Тажикстан менен чектешет.*

*Аянты – 6,2 чарчы чакырым.*

*Калкы – 72,9 миң киши.*

*9 айыл округу, 42 айыл-кыштактар бар. Калкынын 99,5 пайызын кыргыздар түзөт.*

*48 мектеп, 1 борборлоштурулган оорукана, 2 айылдык ооруканалар, 1 китепкана, 9 клуб иштейт.*

**Райондук мамадминистрация башчысы-акими – Дастанбек Бусурманович ХОДЖАЕВ.**

Баткен деген сөздүн эл оозунда үч варианты айтылып жүрөт. Биринчи – тилчи-окумуштуу Ж. Мукамбаевдин варианты боюнча: бат – кең, кент – шаарча. Кең шаарча. Экинчи вариант – бат – уу чөп, кен-кен. Бат (уулуу чөп) чөбүнүн кени деген маанидe. Бүгүнкү Баткен шаарынын ордундагы айыл мурда Каңсык деп аталган. Ал эми, Баткен сөзү шаарга жанаша жайгашкан азыркы Базарбашы айылынын эски аты. Үчүнчү вариант – тажик сөзүнө байланыштуу. Бат-шамал, кен-кен. Шамалдын кени деген мааниде. Бул вариант чындыкка төп келбейт. Анткени, Баткенде шамал жылдык нормадан ашык болбойт. Мурдараак кимдир бирөөнүн жер аталышынын кыргызча тарыхына кызыкпастан туруп, «жеңил оозу» менен айтып койгонунан тарап кеткен.

Баткен чөлкөмү Фергана өрөөнүнүн батыш тараптан кире бериш дарбазасы. Эски жибек жолунун бир салаасы өткөн тогуз жолдун тоому. Баткенден Орто Азиянын айтылуу тарыхый шаарлары – Кожент 150, Кокон 60, Маргалан 100 чакырым аралыкта жаткан. Түндүгүнөн ашуулар аркылуу Каратигинге, андан ары Ооганстанга эски жол кеткен. Чыгыш-түштүгүнөн Алай, андан ары Кытайга алып барчу кыска эски жолдун изи бар. Илгертеден батыштан келген ар кандай жаңылыктар (анын ичинде маданий-рухий да) биринчи болуп Баткен кыргыздары кабыл алып, анан калган кыргыздарга тараган. Качан гана 1000 чакырым алыстагы Бишкек Кыргызстандын административдик борбору болгондон тартып, Баткен региону чет-жака деген атка конуп отурат.

Байыртадан эле биерден элине кызмат кылган атактуу инсандар чыгып келе жатат. Алардын бири басмачылар менен Кызыл Аскерлердин өз ара кагылышуусунан жигиттердин жана элин бөөдө кырылбашын көздөөнүн камын көргөн Султанмурат миңбашынын зиректик ишин эл жакшы билет. Ал Кыргызстанда биринчи болуп «Кызыл Жылдыз» ордени менен сыйланган.

Жыйырманчы, отузунчу жылдарда колхоздоштуруу кыймылы башталып, 40 колхоз уюштурулган. 1934-жылы Баткен Сүлүктү районунан бөлүнүп, өзүнчө район болгон. 1956-жылы 40 майда колхоздон 7 ирилештирилген колхоз, 1 совхоз түзүлгөн. Совет бийлигинин жылдарында Баткен району түптамырынан жаңыртылып, экономикасы, маданияты дүркүрөп өскөн. Айыл-кыштактардын инфраструктуралары калыптанган. Кыргыз Республикасынын Эл Комиссарлар Советинин төрагасы болгон жердешибиз Мурат Салиховдун демилгеси менен 1938-жылы райондук гезит уюшулган. Элге билим берүү жагы өнүгүү жолуна түшкөн. Баткен жеринде туңгуч мектепти ачкан Айтбай-кызыл топу, райондун аткаруу комитетинин туңгуч төрагасы Сыдык Саматов эл-жеринин келечеги үчүн өмүрлөрүн арнашкан белгилүү инсандар.

Турат Полот, Сыдык Айтматов, Садир Мурзахматов, Токсон Мурзакулов, Жусуп Байжигитов, Ташмурат Файзуллаев, Галбүбү Абдувалиева, Ашир Рахматов, Жолдошбай Момунов, Курсанали Турмаматов, милиционер Нурмат Ботокозуев ж.б. көптөгөн жердештерибиз эл-жерлерине ак кызмат өтөшкөн.

Алтымышынчы-жетимишинчи жылдарда райондун келбетин таптакыр өзгөрткөн чоң окуялар жүз берген. Төрткүл суу сактагычы курулуп, ондогон чакырымдарга созулган каналдар салынган. Миңдеген гектар жаңы жерлер өздөштүрүлүп, Чек, Жаңы-Жер, Чоң-Талаа, Кызыл-Бел, Чет-Кызыл, Дөбө, Кара-Тоо, Түлкү-Таш, Параң айылдары бой көтөргөн. Чөлкөмдүн кумсарган жүзү жашарып, миңдеген үй-бүлөлөр жаңыдан үй-салышып, бак-чарбактуу болушту. 60-жылдардын башында райондун калкы 40 миңге жетпесе, көлдүн курулушу менен 80 миңге жетти.

Мындан тышкары көл суусу жетпеген өңүрлөрдө да ондогон гектар жаңы жерлер өздөштүрүлүп, Боз-Адыр, Жаңы-Бак, Ак-Татыр, Ак-Сай, Миң-Өрүк, Айгүлташ айыл-кыштактары пайда болду. Бул жаңылыктардын баары, албетте, элдин турмуш деңгээлин кыйла жогорулатып, райондун ар тараптан дүркүрөп өсүшүнө шарапаты тийгени шексиз.

Баткен районунун келечеги кең. Анткени, жер запасы жетиштүү. Кийинки мезгилде коомчулуктун көңүлүн буруп, Өкмөткө чейин дайын болуп калган Текесекирик долбоору жөнүндө олуттуу сөздөр жүрүүдө. Келечекте аталган долбоор ишке ашып кала турган болсо, 50 миң гектар дың жер өздөштүрүлөт. Ортобоз, Рават талааларын өздөштүрүү келечек муундардын иши. Геологиялык чалгындоолор 50дөн ашык баалуу кен байлыктардын корун аныктаган. Алтын, тантал, рубин, олово, алюминий, ак кум, сымап, көмүр ж. б. кендер иштетиле баштаса, элдин турмуш жыргалчылыгы андан ары өсөрү белгилүү.

Баткен региону област болгондон жана 2005-жылдагы элдик революциядан кийин Баткен району өнүгүүнүн жаңы нугуна түштү. Алардын ирилери: Ислам жана Кувейт банктары каржылаган 20 млн. Америка долларына барабар 150 чакырымдык Кызыл-Кыя – Баткен жогорку вольттуу 250 кВт-сааттык линия жеткирилип, «Айгүлташ» подстанциясы курулду. Муну менен Баткен районунун эли электр энергиясы жагынан Тажик Республикасына көз карандылыктан кутулду.

Азия банкы каржылаган 54 млн. сомдун эсебинен Кара-Кол – Баткен суу өткөргүч ноосу жаңыланып, өрөөндүн 7 айылына жана Баткен шаарын таза суу менен камсыз этүү жакшыртылды.

Пүлгөн – Сүлүктү магистралдык жолунун Зарташ – Баткен бөлүгүнүн негизи бүткөрүлдү. Төрткүл – Көк-Таш аралыгына асфальт төшөлдү. Исфара, Сох дарыяларына чоң көпүрөлөр курулду. Бул жолдун бүткөрүлүшү менен райондун калкы Өзбекстандын Сох районун, Тажикстандын Сурх, Чарку айылдарын аралап өтүү түйшүгүн арылат. Катнаш, соода-сатык, эл чарба жүктөрүн ташуу алда канча жакшыртылат.

Облासттын 2008–2011-жылдардагы өнүгүү программасына Рават суу топтогучун, Актатыр каналын жаңылап куруу жагы киргизилип, каржылык булактары белгиленген.

# БАТКЕН КӨРӨҢГӨЛӨРҮ

## Өрүк

Гүлдөсө бейиш түнөгү,
Өлбөстүк өмүр мүрөгү.
Миң дартка даба мөмөсү,
Дарактардын чүрөгү.

Баткендин асыл байлыгы,
Бабалар мурас-кайыры
Эңсеткен дайым өзүнө,
Өрүкзар – Мекен айдыңы.

## Айгүл

Ай нурун соруп түнүндө,
Ачылат укмуш күнүндө.
Сүйүүдөн бүткөн гүл окшойт,
Арзуулар түнөйт дилимде.

Аруулук сенде Айгүлүм,
Арбаган көздү наз гүлүм.
Арманда калат көрбөгөн,
Мынчалык ысык сүйкүмүң?!

## БАТКЕН ШААРЫ

*Шаар Баткен областтынын борбордук бөлүгү, Баткен түздүгүнө жайгашкан.*

*Аянты – 1331 га.*

*Калкы – 20, 8 киши жашайт.*

*Шаар 6 кварталдан турат.*

*2008-жылы областтык деңгээлдеги шаар статусу берилген.*

*1 борборлоштурулган оорукана, 1 поликлиника, 1 кургак учукка каршы диспансер, 6 мектеп, 1 гимназия-мектеби, 1 балдар спорттук мектеби, 1 балдар музыкалык мектеби, 1 кесиптик-техникалык лицей бар. Борбордук стадион, театр, кино клубу, балдар өнөр мектеби, 2 балдар бакчасы 1 мейманкана иштейт.*

**Шаар мэри –**
**Сайдахмат Сеитказыевич ЭРМАТОВ**

Баткен деген сөздүн лексикалык маанисине (Баткен району темасында) аныктама берилген. Шаар чакан айылдан (мурдагы аты – Каңсык) өсүп чыккан. 1913-жылдан калган маалыматка караганда Баткен-Бужун.

Кыргызстандагы туруктуу эл отурукташып жашаган саналуу эски айылдардын бири экен.

Шаар 1934-жылы Баткен району түзүлүп, анын борборуна айлангандан тартып тез өсө баштаган. Жайгашкан жери тегиз, ыңгайлуу. Алгачкы курулган чоң курулуштар 1934–37-жылдары тургузулган борбордук оорукананын жана Ленин атындагы орто мектептин имараттары. Шаар 65–80-жылдары тез өсүп, бир нече көп кабаттуу турак жайлар, борбор-

дук стадион, басма үйү, мейманкана, театр, клуб имараттары салынуу менен көркүнө келген. Анын дүркүрөп өнүгүшүнө өзгөчө Төрткүл суу сактагычынын курулушу чоң түрткү берген. Ал эми, Кара-Кол – Баткен суу өткөргүчү жаңыланып курулгандан кийин таза суу проблемасы дагы кыйла жакшырган. Айланасына Түлкү-Таш жана Параң айылдары пайда болгондон баштап, калаа кулачын кең жайды. Манастын монументалдык-эстелик галереясы, шаардын борбордук бөлүгүндөгү таш айкелдер өзгөчөлүү көрк берет. Эркиндик статуясы болсо эгемен элдин жана мээрмандык менен айкөлдүктүн шаанисине айланды. Бул эстеликтерди атактуу айкелчи агабыз, Кыргыз Эл Баатыры Тургунбай Садыков жердештерине тартуу эткен.

Баткен областты уюшулган 10 жылдан жана 2005-жылдан кийин жаш калаанын келбети тез жаңыра баштады. Өзгөчө 2008-жылдын 13-ноябрында Кыргыз Республикасынын Президентинин мыйзамына ылайык 2009-жылдын 19-февралында Өкмөттүн токтому менен шаарга областтык статус ыйгаргандан кийин өсүп-өнүгүүсүнө кеңири мүмкүнчүлүктөр ачылды. Өз алдынча чет элдик инвестицияларды тартууга жана шаардын бюджетин кеңейтүүгө мүмкүнчүлүктөр пайда болду.

Кийинки учурда көптөгөн ашкана-кафелердин, соода жайларынын көрктүү имараттары бой көтөрүп, калкты тейлөө кескин жогорулады. Борбордук көчөлөргө жаңыдан асфальт төшөлдү. Борбордук стадион түп тамырынан жаңыртылып, эс алуу багы жакшырды. Ошондой эле, Ооган согушунда жана

Баткен коогалаңында каза болгон баатырларга арналып эстелик тургузулду. Кыска убакыттын ичинде 12 млн. сом сарпталып, (жеке ишкер А. Бурканов тарабынан) борбордук спорт залы пайдаланууга берилгени коомчулукту кубанычка бөлөдү. Учурда 12 млн. сомдук көп кабаттуу (жеке ишкер А. Бурканов тарабынан) мейманкана комплекси жана 600 орундуу жаңы мектептин имараттары курулуп жатат.

Жакынкы убактарда шаардан чыккан калдык сууларды тазалоосу ишкана жана кум кирпич заводу курулмакчы. Бүгүн Баткен шаары курулуш аянтчасына айланган убак. Исамидин Жусупов атындагы чоң көчөгө асфальт төшөлдү. Бул үчүн мамлекет тарабынан 7 миллион сом бөлүнгөн.

Баткендин шаарынын өнүп-өсүшүнө, илим-маданият очогуна айланышына түрдүү мезгилдерде өздөрүнүн ак кызматтары менен Султанмурат миң башы, Сыдык Айтматов, Садир Мурзахматов, Ашир Рахматов, Курсанали Турмаматов, Мария Токсонова, Раат Абдиева, Токтокан Колдошова, Гыламидин Абдрахманов, Арстан Ходжаев, Ачыл Айдаров ж.б. уул-кыздары чоң салымдарын кошушкан.

Учурда шаар мэриясы калаанын заманбап, таза, көрктүү болуусуна умтулуп, жигердүү иштеп жаткан кези.

Баткен эл-жерине жашоо берген жана көркко бөлөп турган Төрткүл көлү да шаардын аймагында.



Кадамжай сурма комбинатынын жетекчилери жана металлургдар.



Кызыл-Кыядагы цемент заводу.



Кызыл-Кыя шаарынын борбордук аянты.



Ош – Исфана жолунун узундугу 24 километр келген Төрт-Күл – Ак-Татыр бөлүгүнө асфальт төшөлүп, пайдаланууга берилди.



КРдин Эл артисти,
Токтогул атындагы
мамлекеттик сыйлыктын
ээси Саламат Садыкова.



Кыргыз Республикасына
эмгек сиңирген дарыгер
Гапар Абдуллаев.



КРдин Эл артисти Апаз Жайнаков.




БатМУнун Кызыл-Кыядагы (КИТЭП) филиалында.



БатМУнун Кызыл-Кыядагы (КГМИ) филиалында.



Баткен. Алтын-Бешик аймагынын ак тилектүү байбичелери.




Улуттук маданиятыбыздын көрөңгөлөрү кол өнөрчүлүк менен комузду Баткен эли да аздектеп келет.




Областта башталган эл чыгармачылыгын өркүндөтүү демилгеси өз үзүрүн берүүдө. Ушул максатта өткөрүлгөн «Кут уялап, кулпуна бер, Өрүк зар!» аттуу фестиваль эл бүйрүн кызытып салтка айланып баратат.




Лейлек районунун 80 жылдыгын белгилөө күндөрү ак канатуу иле-глек куштарынын бейнеси маараке көркүн ачты.



“Сүлүктүкөмүр АТАКнун “Кызыл-Булак” разрезинде”.




Баткен шаарындагы курулган жаңы спорт Сарайынын тышкы көрүнүшү.



Баткен күзүнүн берекеси.

## КЕНГЕ ТУНГАН КАДАМЖАЙ

*Кадамжай району чыгышынан Кызыл-Кыя шаары, түштүк-чыгышынан Ош областы, батышынан Баткен району, түндүгүнөн Өзбекстан менен чектешет.*

*Аянты – 604 миң, 353 га.*

*Калкы – 158,3 миң киши. Кыргыздардан тышкары өзбектер, тажиктер, орустар ж. б. улуттардын өкүлдөрү жашашат.*

*11 айыл округу, 4 шаарча, 103 айыл-кыштак, 1 шаар, 3 шаарча бар.*

*Райондун аймагында дүйнөгө белгилүү Кадамжай сурма жана Айдаркен сымап комбинаттары иштейт.*

*80 мектеп, 1 балдар үйү, 1 спорт мектеби, 1 лицей жана 1 түрк лицейи, 1 жатак мектеби бар. 1 борбордук оорукана, 1 номердик оорукана, 1 кургак учук дарылоочу шыпаакана, 9 айылдык ооруканалар, 26 акушердик-фельдшердик жайлар иштейт.*

**Раймамадминистрациянын башчысы-акими – Шамил Жусупович АРТЫКОВ.**

Кадамжай району 1938-жылы уюшулган. Кадамжай сөзүнүн мааниси өзү айтып тургандай адамдын кадам изи түшкөн жай деген мааниде. Шаардын түштүк дарбазасында Мухаммед Алейки-Саламдын шакирттеринин бири, күйөө баласы Абу Талибдин атына байланышкан ыйык жай бар. Ошол ыйык жайдагы ташта азиз инсандын кадам изи түшкөн

деген таш алиге сакталуу. Жергиликтүү элден тышкары кошуна Өзбекстандын калкы да бул жерге илгертеден зыяратка келип турушат.

Кадамжай жери көөнө замандан эле жаратылышынын кооздугу, абасынын тазалыгы жана суусунун тунуктугу менен адамдарды суктантып келген. Ыйык Шаймерден да ушул куттуу жердин кучагында. Андыктан Фергана өрөөнүндө илгери-кийин болуп өткөн цивилизациялар биерди эч качан четтеп өткөн эмес. Археологиялык казуулардан табылган тарыхый бай эстелик буюмдар, шаймандар ж.б. эстеликтер райондогу тарыхый музейдин баалуу экспонаттары. Бул жердин мекендеген калк байыркы Даван, Карлук, Караханид дөөлөттөрүнүн бир өңүрү жана Жибек жолунун бою катары белгилүү. Илгертеден эле жергиликтүү кыргыздар сурманы жана сымапты өз керектөөлөрүнө жараша пайдаланып келишкен. Эски кен казылган издер буга күбө. «Сурма койгон кашыңдан, он сегиз курак жашыңдан», «Сымаптай сүлкүлдөйсүң сулуу жаным, сурмадай суйкаясың бүбү-ханым» деген секетбайларды алгач кадамжайлыктар жаратып, анан башка кыргыздарга тараза керек. Демек, кыргыздар кен иштетүүнү мурдатан билишкен.

Өзбек, тажик элдерине кылымдык кошуна болушкан кадамжайлыктар мурдатан эле үй куруп, отурукташып жашоого көнүшкөн. Охна, Кызыл-Булак, Кыргыз-Кыштак айылдары Кокон хандык доорунда эле белгилүү айылдардан болгон. Исфайрам дарыясынын жээктеринде илгертеден кыргыздар отурукташып жашагандыгы тарыхый маалы-

маттардан дайын. Райондун четки түндүк-батышында кыргыздардын ата-бабалары муктардын эски көрүстөн издери сакталып калган.

Кадамжай району кыргыз эмес бүтүндөй Орто Азия элдерине кызмат кылган атактуу инсандар өсүп жетилген чөлкөм экени менен да өзгөчөлүү. Россия оторчулугуна каршы Орто Азия калктарын боштондук күрөшкө үндөп чыккан Исхак-Полотхан Охна айылынын тургуну. Кара-Жыгач айлынын перзенти Ташбек датка, Кыргыз Республикасынын туңгуч Президенти Абдыкадыр Орозбеков да Охна айылынын перзенти. Кыргыз жазма адабиятынын негиздөөчүсү, акын Молдо Нияз ушул жердин кулуну. Жетекчиликтеги жубардай тунуктугу, таза иштегендиги менен эл лидерлигинин символуна айланган Абсамат Масалиев айтылуу Исфайрам суусунун жээгиндеги Алыш айылында туулуп-өскөн.

Кадамжай районунун жери кундуу, күнөстүү. Чөлкөм Үч-Коргон, Халмион, Бүргөндү жана Айдаркен түздүктөрүнөн турат. Шаарчалары менен айыл-кыштактарынын инфраструктурасы кыйла жакшы абалда.

Район республикадагы өнөр жайлуу райондордун катарына кирип, Кадамжай сурма жана Айдаркен сымап комбинаттары сапаттуу металлдары менен мурда Союзга гана эмес, дүйнөлүк эталонго татыган. Бул комбинаттардын али экономикабызды өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүктөрү чоң, келечеги алдыда.

Чөлкөмдүн айыл чарбасы да бир кыйла өнүккөн. Топурагы кундуу, жери күнөстүү болгондуктан, эгиндин, мөмө-жемиштердин көп сорттору мыкты

осүп, татымы менен айырмаланат. Ал түгүл субтропикалык климатка ылайыктуу анжир, курма, лимон Бүргөндү, Халмион өңүрлөрүндө жакшы ыңгайлашканын мезгил көрсөттү. Жүзүм, гилас, алмурут, анжир, анар, бийи, бадам, мисте, өрүк, шабдалы, кайнолу өңдүү мөмө-жемиштердин мекени. Марказ түздүгү картошка, көчөт өстүрүү, Халмион жүгөрүчүлүк, Бүргөндү шалы, Айдаркен буудай өстүрүүгө адистешкендей атак-даңкы чыккан. Тек, аларды кайра иштетүүчү иш орундары ачылып, иштей баштаса күнөстүү жерге оомат ого бетер келээринде шек жок.

Он жыл аралыгында айыл чарба, сугат багытында алгылыктуу иштер аткарылды. Бүргөндү каналынын сыйымдуулугу кеңейтилип, дың жерге труба аркылуу суу жеткирилди. Бозкара кыштак каналы курулуп, 1000 гектарга жакын жаңы жерди өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү.

## КАДАМЖАЙ КӨРӨҢГӨЛӨРҮ

### Кутман-Көл

Кутман-Көл, Көк-Көл жанаша,
Батма менен Зуурадай.
Чырайына теңдеш жок,
Теңеле албайт толгон Ай.

Сулууга бүткөн кал сымал,
Жерге түшкөн Ай сымал.
Көксөөсү канып көптөрдүн,
Көргөнү келет миң кумар.

### Дугаба

Жер соорусу Дугаба,
Көңүлгө даба, сырдана.
Көз мончоктой жакшына,
Даңкы кеткен кыйлага.

Илгертен калган уламыш:
Перилер сүйгөн жай имиш.
Жараткан салып назарын,
Чычкан өткүс арча жыш.

## КУШ ЫСЫМДУУ ЛЕЙЛЕК

Лейлек району батышынан – Баткен, түштүк, түндүк жана чыгыш тарабынан Тажикстан менен чектешет.

Калкы – 111,2 миң киши, 74 пайызы кыргыздар, калганы өзбектер, тажиктер, күрттөр ж. б.

Аянты – 4,7 чарчы чакырым. 31072 гектар айдоо аянты бар. Анын 23814 гектары кайрак. 7255 гектары сугат.

Өнөр жай ишканаларынан 1 спирт, 2 шарап заводдору, нефти өндүрүү ишканасы иштейт.

*45 айыл кыштак, 65 мектеп, 1 техникалык лицей, 3 гимназия, 3 музей, 1 борбордоштурулган оорукана иштейт.*

**Райондук мамадминистрациясынын башчысы-акими – Тилеберди Турдалиевич АРИПОВ.**

Лейлек сөзүнүн түп мааниси илегилек кушунун атынан келип чыккан. Район 1928-жылы уюшулган. Адегенде Сүлүктү аталып, анан өз алдынча район болгон. Лейлек жери байыртадан кыргыздар байырлаган чөлкөм. Фергана өрөөнү менен Орто Азиянын түндүк-батыш кеңдигинин босогосунда жайгашкандыктан анын өтмүшү тарыхый окуяларга бай.

Жибек жолунун бир салаасы батыштан-чыгышка карай өткөндүктөн, анын бойлоруна Кара-Булак, Исфана, Кайрагач шаарчалары өсүп чыгып, соода-сатык кызматын гана өтөбөстөн, кол өнөрчүлүк өнүккөн.

Лейлек жери Кокон мамлекетин түзүү жана башкарууга дайыма аралашып келген. Маселен айтылуу Куткабийдин урпагы Досмат Кенже уулу Мала хандын бийлеп турган учурунда аталык кызматын өтөсө, Мавлян баатыр хандыктын аскер, башчыларынын бири болгон. Ал эми, Сатыбалды миң башылык милдетти үзүрлүү аткаруу менен хандыктын таасирдүү адамдарынын катарына кошулган. Көк-Таштык Бабабай Шералы ханды такка отургузуу салтанатына катышкан. Ушундай мисалдар Исхак-Полотхан орус оторчуларына каршы көтөрүлүш уюштурганда, лейлектик кыргыздар кол куроого жардам берген. (Г. Мадаминов, «Лейлек жана Лейлектиктер тарыхы», 44–45–47-беттер. Бишкек, 1998-ж.)

Россия Орто Азияга ээлик кыла баштаганда, лейлектиктер Түштүк Кыргызстанда орус эли менен алгач тыгыз байланыш түзгөндөрдүн бири болгон. Буга Сүлүктү көмүр кени себеп болгону көз көрүнө. Орус аскер адамы Фабицкий 1868-жылы Сүлүктүдө көмүрдү өндүрүштүк негизге казып алууну баштаганда Лейлек тургундары шахтер болуп иштей баштexisting. Б. а. бул жерде кыргыз жеринде биринчилерден болуп жумушчулар түзүлгөн. Натыйжасында Лейлек – Сүлүктү жеринде Октябрь Революциясынын төрт күн өткөндөн кийин 1917-жылдын 29-октябрында Совет бийлиги орногон. 1920-жылы Исфанада алгачкы партячкей уюшулуп, жаңы заманды куруу башталган. Коллективдештирүүнүн жыйынтыгында 64 колхоз уюшулуп, Лейлек айылкыштактары ар тараптан өнүгүү жолуна түшкөн.

Бул райондо жер запасы мол. Саркент долбоору Өкмөттүк деңгээлге чейин көтөрүлүп, келечеги бар

экени белгилүү болуп калды. Козу-Баглан суусун Арка түздүгүнө жеткирүү иштери улантылууда. Мунун мисалы Максат дюкеринин областтык өнүгүү программасына киргизилиши.

Лейлек жери Кыргызстандын четки батыш-түштүк учунда жайгашса да, лейлектиктер жаңылыкка жапырт умтулган жигердүү калк. Жер шарты катаал болсо да, өз кичик мекендерин барктап-бапестеп, башка чөлкөмдөр менен теңтайлаша билет. Бул эл кыргыз жетекчилеринин кыраанын – Исхак Раззаковду жаратып берген эл.

# ЛЕЙЛЕК КӨРӨҢГӨЛӨРҮ

## Килем

*(Манас усулунда)*

Күн нурунан көчкөндөй,
Ай нурунан сүрткөндөй.
Кыялы сиңип кыздардын,
Эңсөөсүнөн бүткөндөй.

Көркөмү көктө үркөрдөй.
Көчөткө аалам чөккөндөй.
Лейлектик айым кандай жан,
Токуган минтип көркөмдөй.

## Күрөш

Шамдагай, балбан жигиттер,
Мышыктай чапчып ыргытат.
Далысын жерге тийгизип,
Атаандашын жыгытат.

Балбандык эрге жарашат,
Кара күч, анан парасат.
Сүрөөнгө алган эли-журт,
Кумары канып тарашат.

# КЫЗЫЛ-КЫЯ – ДӨӨЛӨТТҮҮ КАЛАА

*Кызыл-Кыя шаары Алтын-Бешик (Кичи Алай) кырка тоосунун этегинде жайгашкан. Чыгышынан, чыгыш-түштүгүнөн Ош областы, батышынан Кадамжай району, түндүгүнөн Өзбекстан менен чектешет. Шаар 1901-жылы негизделген.*

*Калкы – 43,9 миң киши. Кыргыздардан тышкары тажиктер, өзбектер, орустар, татарлар ж.б. жашашат.*

*Шаар республикабыздагы ири өнөр жай борборлорунун бири. 3 айыл, 16 мектеп, 1 кыргыз-түрк лицейи, медициналык орто окуу жайы, тоо-кен колледжи, 3 кесиптик-техникалык окуу жайлары, БатМУнун эки филиал-институттары, 1 китепкана иштейт.*

**Шаардын мэри – Абдрасул Абдрахманович АНАРБАЕВ.**

Кызыл-Кыя сөзүнүн түп мааниси: кызыл адырдагы жол деген түшүнүктү туюндурат. Илгертеден биерде кыргыздар жашаган. Жергиликтүү эл мал күтүп, дыйканчылык менен күн кечирсе да, көмүрдү керектөөлөрү үчүн жөнөкөй жол менен казып, пайдаланып келишкен.

Кокон хандыгы жоюлуп, Россия бийлиги башталгандан кийин Фабицкий аттуу аскер адамы Көккене суусунун боюнда биринчи жолу көмүр казуучу чакан шахтаны ачкан. Муну менен алакандын отундай кыргыз айылына жанаша шаарча пайда болгон. Акырындап иш алдыга жүрүп, көмүрдү өндүрүштүк негизде казуу өнүгө берген. Кен Петер-

бургда жайгашкан Акционердик коомдун ээлигинде болчу. Көмүр казып алуу үчүн тик кайып түшүлгөн № 3, № 4 жана жантайма казылган №1 шахтылар иштей баштаган. Булардан тышкары да кенге жакын жерлерде эки шахта иштеген. Жалдагы шахтага Ракитин деген киши, экинчисине кенди 1902-жылы өзү ачкан Фасов ээлик кылган. Фасовго кенди жергиликтүү кыргыздар көрсөтүп беришкен.

Ал кезде кенчилердин шаарчасы адыр арасына жайгашкан эле. Совет бийлиги орногон кезде ал үйлөр оорукананын имаратына айландырылган. Кызыл-Кыяны жана анын бардык шахтыларын Фергана шаары менен туташтырган темир жол салынган.

Совет бийлиги орногондон кийин Кызыл-Кыяда көмүр казуу жогорулап, шаар ар тараптан өнөр жайлуу борборго айлана баштаган. Көмүр жеке эле Кыргызстан эмес, Өзбекстан, Тажикстанга да берилгендиктен, атагы алыска кеткен. СССР учурунда Түштүк Кыргызстандын «Орто Азиянын отунканасы» деген даңктуу атына салым кошкон кенчилердин шаарына айланып, жылына 1 миллион тоннадан көмүр казып алынган.

Кызыл-Кыя акырындап ири өнөр жайлуу шаарга өсүп жеткен. Бир эле учурда илим-билимдин, студенттердин шаарына айланган. Шахтерлордун келишимдүү сарайы, кинотеатр, автовокзал, окуу жайлардын имараттары, сандаган көп кабаттуу турак-үйлөр салынып, көчөлөрү кеңейтилип, борбордук стадион курулуп, бак-шакка бөлөнгөн шаар мезгил өтүшү менен жаңырып, жашарып келет. Мындагы медициналык орто окуу жайын бүтүргөн фельд-

шерлер менен акушерлер республикабыздын булуң-бурчтарында үзүрлүү иштеп, өз окуу жайларынын кадыр-баркын көтөрүшкөн. Тоо-кен окуу жайынын бүтүрүүчүлөрү Кыргызстандын өнөр жай тармагын өнүктүрүүгө чоң салымдарын кошушкан. Кыргыздын атактуу уулдары Төрөбай Кулатов менен Апсамат Масалиев дал ушул даңктуу шаардан өсүп чыгышкан.

Айрыкча, 2005-жылдан бери Кызыл-Кыя кайрадан өнүгө баштады. Машина куруу, Кызыл-Кыя цемент заводдору бүгүн шаардагы ишканалардын кербен башы. Токтоп калган шахтылар цемент заводунун муктаждыгы үчүн көмүр казуу менен кайрадан иштей баштайт.

Учурда Кызыл-Кыя жаштардын, студенттердин калаасына айланып, жашарып бараткан чагы. Айтор, Кызыл-Кыя мурдагыдай өнөр жайлуу жана маданияты гүлдөгөн калаа болуп, келечекке ишенимдүү кадам жасап жаткан кези.

## СҮЛҮКТҮ ШААРЫ

*Сүлүктү шаары областтын батыш чегинде жайгашкан. Түш тарабын Лейлек району курчап турат. Рельефи тоолуу, ой-чуңкурлуу.*

*1940-жылдан шаар статусу ыйгарылган.*

*Калкы – 21,7 миң киши. Кыргыздардан тышкары орустар, өзбектер, татарлар ж. б. жашашат.*

*Аянты – 14 миң га.*

*1 шаарча, 1 айыл, 10 мектеп, 1 мектеп-интернат, 1 техникалык лицей, поликлиника, төрөт үйү, 1 оорукана, аптекалар, эс алуу багы, маданият үйү, БатМУнун эки филиалы бар.*

**Шаар мэри – Шадыбек Салымбекович БАКЫБЕКОВ.**

Сүлүктү деген сөздүн мааниси: сүлүгү көп жер дегенди билдирет. Калаа деңиз деңгээлинен 1389 метр бийиктикте. Шаар ордун илгертеден эле кыргыздар мекендеп келишкен. Жергиликтүү калк негизинен мал чарбачылыгы менен алектенип, көмүрдү күндөлүк тиричиликтерине жараша пайдаланышкан.

Алгач кен тууралуу маалыматты А. А. Кушакеевич аттуу киши берген. 1868-жылы полковник Фабицкий кен казуу адистерин чакыртып, алардын келиши менен жергиликтүү калкты кенде иштөөгө тартып, Көкнөсай деген жерден кол күчү менен көмүр казып ала баштаган. 1875-жылы шахты Кокон хандыгы тарабынан өрттөлүп, 1898-жылдан кай-

радан ишин баштаган. Көмүр өндүрүүнүн акырындап жогорулашы менен бирге оболу Пролетар – Ташкен, анан Пролетар – Кольцо, анан Сүлүктүгө чейин темир жол курулат. Ушундан тартып көмүр казып алуу, аны ташып кетүү тез темп менен өсө берет.

Сүлүктү Кыргызстанда алгач кыргыз жумушчуларынын тобу өсүп чыккан шаарлардын катарына кирет. Ушул себептен болсо керек, Октябрь Революциясынан төрт күндөн соң, 1917-жылдын 30-октябрында (Кыргызстанда биринчи жолу) Сүлүктүдө Совет бийлиги орногон. Совет мезгилинде көмүр казып алуу тез өнүгүп, аны менен кошо шаар да кулачын жая берген. XX кылым Сүлүктүнүн оomaты жүрүшкөн кылым болгон. 1927-жылы көмүр казуу 179 миң тонналык чекке жеткен. Ал эми, 1980-жылдарда бир жылда 1 млн. тонна казып алынган. Бир эле мезгилде шаар ар тараптан өсүп, турмуш казандай кайнап, эмгектен үзүр тапкан адамдардын ачык жүздөрү дале көз алдыда. Ал кезде кийим тигүү фабрикасы, эт, сүт комбинаттары, нан заводдору иштеп, шаардын инфраструктурасы мыкты эле. Көп кабаттуу турак-үйлөр шаар көркүн арттырып, курулуш кучак жайган.

Өздөрүнүн ак эмгектери менен таанылышкан атактуу инсандар өсүп чыгышты. Социалисттик Эмгектин Баатырлары Л.Ф. Петренко, Рустам Жолбаев, Сабгат Макаев, Эрали Сарыбаев, Тургун Ибрагимов ж. б. толуп жаткан инсандар, Сүлүктүлүктөрдүн сыймыгы болуп калышкан.

Гүлдөп-күүлдөп турган шаар токсонунчу жылдары көмүр казуу өндүрүшү менен катар шаардагы

башка ишканалар: тигүү фабрикасы, эт, сүт комбинаттары ж.б. иштерин токтоткон.

Областтык жетекчиликтин орчундуу милдеттеринин бири Сүлүктү шаарын кайрадан жандандыруу, «Сүлүктүкөмүр» жана Сүлүктүшахтакурулуш» акционердик коомдорунун иштерин калыбына келтирүү болгон. Мүмкүн болушунча жабылып калган шахтыларды ишке киргизүү, жаңыларын ачуу жана шахтерлорду жумушка көбүрөөк тартуу колго алынган. Жогорудагы эки акционердик коомдон тышкары майда шахтылар ачылып, ишти алдыга жылдырууга таасир берген.

# ЭЛДИН ДАҢКТУУ УУЛДАРЫ

## ПОЛОТХАН



Исхак-Полотхан кыргыз элинин гана эмес, бүтүндөй Орто Азия элдеринин баатыр уулу. Ал 1844-жылы Кадамжай районундагы айтылуу Охна айылында төрөлгөн. Атасы белгилүү молдо, өз заманынын билимдүү инсаны болгон. Ал эми, уулу Исхак-Полотхан 1873–1876-жылдардагы боштондук күрөшүн жетектейт. 1875-жылдын октябрынан 1876-жылдын 1-мартына чейин Кокон хандыгында такта отурган Исхак-Полотхан орус аскерлеринин колуна түшүп, отуз эки жашында дарга асылат. Анын эл боштондугу үчүн өмүрүн арнаган эрдиги элдин эсинде түбөлүк сакталып калган. 1994-жылы (1844–1894) Кадамжайда Исхактын 150 жылдыгы белгиленип, эстелиги тургузулган.



Баткен шаарындагы Манас монументалдык эстелиги.



Алтын-Бешик аймагынын типтүү пейзажы.



Кадамжай. Кутман-Көл.



Кадамжай. Дугабадагы альпинисттер лагери.




Төрткүл көлү.



Топоз бийик тоону сүйөт.



Лейлек. Исфананын үстү.



Баткен. Кудаярхан чеби.




Баткен тоолору табигый дары сууларга бай.



Айгүлтоодо сейилде.



Баткен жазы.




Баткен. Геревшиндеги Асан-Үсөн чокулары.



Бийик чокуларын ак кар, көк мөңгү чулгаган
Алтын-Бешик тоосу.



Өрүкзар гүлдөгөндө.



Алтын-Бешик аймагы мындай жаратылыш кереметтерине бай.




Айдаркен шаарчасынын түндүк дарбазасы.



Алтын түстүү, шербет даамдуу Кадамжай жүзүмү.



Лейлек базарында.

# АЛЫМКУЛ АТАЛЫК

Алымкул Асан уулу 1824-жылы Анжиян областтынын Коргон-Төбө районундагы Таштак айылында төрөлгөн. Балалык чагы Баткен районунда өткөн кыргыздын кыраан жигиттеринин бири. Ал өз заманынын билимдүү, жетекчилик жана аскердик таланты менен айырмаланган. Жыйырма жети жашында Кокон хандыгында аталык, аскер башы болуу менен мамлекетти жана Орто Азияны колониялык баскынчылыктан сактап калууга умтулган. Орус генералы Колпаковский: Алымкул аталыкка төмөндөгүдөй талап койгон катын жазган; «Эгер сен багынып берсең, тууган-уругуң менен аман каласың». Генералдын катына Алымкул аталык минтип жооп жазган; «Сени менен салгылашып өлсөм мейли. Бирок, багынып берип, кийинки муун урпактарымдын мен үчүн уялып, жер кароосун каалабаймын». Эл-жерди сүйгөн мындай эрдик бүгүнкү жаштарга үлгү.

# АБДЫКАДЫР ОРОЗБЕКОВ



Кыргыздын дагы бир азамат перзенти Абдыкадыр Орозбеков 1889-жылы Кадамжай районунун Охна айылында туулган. Жаштайынан эл аралап, Фергана, Марпалан, Анжиян шаарларында иштеген. Элдин оор турмушун көрүп жаны ачып, патриоттук сезими ойгонуп, аң-сезими бышып жетиле берген. Совет бийлигин астейдил тосуп алып, жаңы заманды чыңдоого активдүү катышат. 1925-жылы ВКП(б)нын Ош округдук комитетинин жетекчилигине шайланат. Ошол эле жылы Кыргызстан Борбордук Аткаруу комитетинин төрагалыгына шайланат.

Кыргыздын алгачкы Президенти болуу менен ал бир тууган элинин тезирээк жаңы турмуштун үзүрүн көрүүсү үчүн бүт өмүрүн, билимин, күчүн, жетекчилик талантын жумшайт. Элди отурукташтыруу, сабатсыздыкты жоюу, жер реформасы, Кыргызстанды илим-билим өлкөсүнө айландыруу жана өз алдынча Союздук Республикага айландырууда эбегейсиз чоң эмгегин арнайт.

Ал граждандык согушта жана кыргыз жеринде Совет бийлигин чыңдоодогу эрдик кызматы үчүн Кызыл Туу ордени менен сыйланган. 1937-жылы айыпсыз жерден репрессияга кабылган. Кийин акталган.

## МУРАТ САЛИХОВ



Мурат Салихов 1905-жылы Баткен районундагы Рават айылында төрөлгөн. 1919-жылы Кокондогу балдар үйүнө туш келген. Андан ары Фрунзедеги педагогикалык техникумда окуган. Зирек жигит басмаканада арип терүүчү болуп иштеп, кыргыздын тунгуч гезити «Эркин Тоонун» биринчи санын жарыкка чыгаруу насибин көрөт. Гезиттин № 2 санына анын «Кожент кыргыздарын Кыргызстанга кошуу керек» деген макаласы жарыяланат. Анткени, ал кезде Лейлек Кожент, Баткен Кокон уезддерине карап турган.

1931-жылы Кыргыз областтык билим берүү Комиссариатынын жетекчилигине дайындалат. Мурат Салихов Кыргызстандын өз алдынча Республика болушуна салымын кошкон инсандардын бири экендиги талашсыз. Ал 1937-жылы, 32 жашында Кыргыз Республикасынын Эл Комиссарлар Советинин төрагалыгына шайланган. Кайран инсан репрессиянын капшабын жандап өталбай, 1938-жылы айыпсыз жерден атылат. Кийин акталган.

# ИСХАК РАЗЗАКОВ



Исхак Раззаков 1910-жылы Сүлүктү-Лейлек жериндеги Коросон айылында төрөлгөн. Кожентеги балдар үйүндө, Ташкенттеги интернатта тарбияланган. Андан Ташкенттеги педтехникумда окуп, 1936-жылы Москвадагы пландоо институтун бүтүргөн. Кайра Өзбекстанга келип, Өзбек ССРнин мампландоо комитетинин председатели, Эл Агартуу Комиссары, Өзбек КП БКнын пропаганда-агитация катчысы, КП БКнын бюро мүчөсү болуп, Өзбекстандын ар тараптан өнүгүшүнө жаштык жигерин жумшаган.

1945-жылы Кыргыз Республикасынын Министрлер Советинин председателдигине кызматка келген. Согуштан кийинки бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүү, республиканын эл чарбасынын дүркүрөп өсүүсүнүн башында туруу менен, таланттуу жетекчи экенин көрсөтөт. 1950–1961-жылдары Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы болуп үзүрлүү иштеген. Билимдүүлүгү, таланттуу жетекчилик сапаты, адамгерчилиги жана чечендиги менен өз доорундагы белгилүү жетекчилердин катарына кошулат.

## АПСАМАТ МАСАЛИЕВ



Алтын-Бешик эл-жеринин дагы бир белгилүү уулу, коомдук ишмер Апсамат Масалиев. Ал 1933-жылы Кадамжай районундагы Алыш айылында туулган. 1953-жылы Кызыл-Кыядагы тоо-кен техникумун бүтүрүп, 1956-жылы Москвадагы тоо-кен институтун аяктаган. Адеп өз кесибинде иштеп, анан партиялык-советтик кызматтарга өткөн. 1972–1985-жылдары Фрунзе шааркомунун председатели, Кыргызстан КП БКнын катчысы, партиянын Ысык-Көл обкомунун биринчи катчысы кызматтарын өтөгөн.

Ал 1985-жылдан 1990-жылга чейин Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы болуп иштеген. Апсамат Масалиев таланттуу жетекчи, коомдук ишмер катары жетекчилик кызматта кандай ак, таза иштөөнүн символу болуп калды. Элди бөлбөгөн калыс, жоомарт инсандыгы менен кыргыз лидерлеринин арасында аброю артып, калктын сүймөнчүлүгүнө айланды.

Эгемен Кыргызстандын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына катары менен үч жолу шайланып, кыргыз парламентаризминин калыптанышына, жаш мамлекеттин жашоосун аныктаган Конституция жана мыйзамдарды кабыл алууга өзүнүн бай тажрыйбасын арнады. 2004-жылы дүйнөдөн кайткан.

# БИЗДИН БААТЫРЛАР

## САМАТ САДЫКОВ



Советтер Союзунун Баатыры Самат Садыков 1922-жылы Лейлек районунун Карасай айылында төрөлгөн. Аскерге 1940-жылы кетип, 1943-жылы согушка кирген. 4-атчандар полкунун пулемет расчетунун командири катары душман менен салгылашкан. Ал Украина, Белоруссия, Польшаны фашисттерден бошотууга катышкан. Польшаны бошотууда душмандын 8 ок атуучу точкасын, 30дан ашык жоокерин жок кылган. Эр жүрөк, чечкиндүү жана ар кандай кырдаалдан чыгып кетүүгө жол тапкандыгы менен жоокерлердин урматына татыган. Кайран баатыр жеңишке 8 күн калганда, Берлиндин босогосундагы Фризал шаарын душмандан бошотуу учурунда курман болгон.

## ТУРГУНБАЙ САДЫКОВ



Кыргыздын таланттуу уулу, Алтын-Бешик перзенти, айтылуу айкелчи, Социалисттик Эмгектин Баатыры, Кыргыз Эл Баатыры Тургунбай Садыков 1935-жылы Баткен районундагы Ортобоз айылында туулган. Анын шыктуу, жеңил колу, жигери менен кыргыз айкелдик өнөрү дүйнөлүк деңгээлге көтөрүлгөн. «Революциянын каармандары», «Манас», «Жеңиш» монументалдык эстеликтери кезинде Бүткүл Союздук баага татып, Бишкек шаарынын келбетин таптакыр өзгөртүп, көркүн арттырган. «Эркиндик» статуясы эгемен элибиздин, борбор калаабыздын символуна айланды.

## САЙДУЛЛА ТЕШЕЕВ

Кыргыз сурмасынын даңкын дүйнөгө дүңгүрөткөндөр – Кадамжай сурма комбинатында иштеген металлургдар, өз иштеринин анык устаттары эле. Алардын алдыңкыларынын бири Социалисттик Эмгектин Баатыры Сайдулла Тешеев болгон. Өмүрүнүн бүтүндөй күлгүн чагын, пенделик ишкердиги менен күчүн сурма комбинатында өткөргөн баатыр бул баалуу сырьенун эл чарбасы үчүн канчалык зарыл экенин терең түшүнгөн. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде комбинаттын жамааты резина-техникалык өнөр жайы үчүн керек болгон 5 күкүрттүү сурманы өндүрүүгө жетишет. Бул табылгада Сайдулла Тешеевдин салымы чоң эле.

## ИЛИМ ЖААТЫНДА

Алтын-Бешик аймагынын өз алдынча область болушу чет-жака аймакта илимдин өнүгүшүн даңгыр жол ачкандыгы менен да маанилүү. Дубандагы эң эски окуу жайы болгон Кызыл-Кыя медициналык орто окуу жайы менен тоо-кен окуу жайы бул аймактагы илимдин кербен башылары болуп келген. «2000-жылы Баткен мамлекеттик университетинин ачылышы менен илимдин өнүгүшүнө, жогорку билимдүү кадрларды даярдоого жана алыскы аймактын жаштарына мыкты шарт түзүлдү. Бул региондун ар тараптан өнүгүшүнө чоң салым кошо турган келечектүү жаңылык эле.

## БАТКЕН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Баткен мамлекеттик университети (БатМУ) 2000-жылдын 25-июлунда КРдин Президентинин указы менен түзүлгөн. Бул жогорку окуу жайдын ачылуу өзгөчөлүгү жергиликтүү элдин турмуш шартына жана Баткен областтынын аймактык-географиялык абалына байланыштуулугунда. Окуу жайдын түзүмдүк бөлүмдөрү жер-жерлерде ачылгандыгында. Кызыл-Кыя шаарында Кызыл-Кыя технологиялык, экономикалык жана укук институту (КТЭУИ), Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык (КГПИ), Сүлүктү шаарында Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институту (СГЭИ), Сүлүктү педагогикалык окуу жайы (СПОЖ) жана Баткен шаарында университеттин башкы мекемеси жайгашкан.




Университеттин ректору физика-математика илимдеринин доктору, профессор М.М. Таиров. БатМУнун түзүмүнө 3 институт, 1 экономика жана укук колледжи, 1 педагогикалык колледж кирет. Адистерди даярдоо боюнча 11 факультет жана 50 кафедра иштейт. Ошондой эле, БатМУнун базасында ЖОЖдор аралык аскер кафедрасы ачылган.

Азыркы учурда БатМУда жогорку билим берүү программасы боюнча 11630 студент, атайын орто билим берүү программасы боюнча 565 студент билим алат.

БатМУнун материалдык-техникалык базасы жыл өткөн сайын баюуда. 17 окуу корпусу, окуу-лабораториялык аудиториялар, 40 лабораториялык кабинет, 20 усулдук кабинет, окуу-өндүрүштүк мастерскойлор, китепканалар, музейлер, 150 орундуу жатакана, 6 медпункт, 8 спорттук зал, 4 стадиону

бар. Мында акыркы муундагы компьютерлер менен жабдылган 18 компьютердик класс уюштурулган. Жалпысынан 554 компьютер иштетилет.

БатМУнун китеп фонду 164763төн ашык-усулдук, илимий, көркөм адабияттардан турат. Мындан тышкары 14023 нуска китептен турган 3 электрондук китепкана студенттердин кызматында.

Аталган окуу жайында 364 профессордук-окутуучулар жамааты иштешет. 9 илимдин доктору, 49 илимдин кандидаттары жана доценттер, 50дөн ашык окутуучулар илим изилдөө иштерин жүргүзүп жатышат. Айтор, жыл санап өсүп бараткан университеттин эртеңи жаркын, келечеги кең.

## КЫЗЫЛ-КЫЯ МЕДИЦИНАЛЫК ОРТО ОКУУ ЖАЙЫ

Областтын аймагындагы эски окуу жай болгон медициналык орто окуу жайы 1954-жылдан бери иштейт. Ал республикабыздын Түштүгүнө миндеген медкызматкерлерди даярдап чыгаруу менен калктын саламаттыгын чыңдоодо чоң кызмат өтөөдө. Ушул күнгө чейин окуу жайын 13 миңден ашык улан-кыз бүтүп чыгып, республикабыздын булуң-бурчтарында фельдшер, акушер болуп үзүрлүү иштеп келишти жана иштеп жатышат.

Окуу жайдын директору – Исмаилов Ураимжан бул жооптуу кызматта 10 жылдан ашык жыл иштеп келет.

## ИЛИМ БИЙИКТИГИН БАГЫНТКАНДАР

Алтын-Бешик эл-жери жалпы кыргыз элине белгилүү окумуштуу жана көркөм өнөрдү аркалаган таланттуу инсандары менен да белгилүү. Кыргыз аялдарынын ичинен биринчи болуп философия илимдеринин доктору болгон көрүнүктүү окумуштуу Рахат Ачылова, тарых илимдеринин доктору Нур уулу Досбол, медицинада жаңылык жараткан, Кыргызстан мамлекеттик сыйлыктарынын лауреаты Ташболот Балтабаев, тарых илимдеринин доктору Закир Эралиев, филология илимдеринин доктору Шералы Жапаров, физика-математика илимдеринин докторлору Байыш Арапов, Илимидин Абдурасулов жана Миталип Таиров, филология илимдеринин доктору Ибраим Абдувалиев, кандидаты Абдыманап Жалилов, социология илимдеринин кандидаты, жазуучу Топчугүл Шайдуллаеванын өз салааларындагы ийгиликтери жалпы кыргыз журтчулугуна дайын. Ысымдары аталган илгери муун окумуштуу жердештерибиздин артынан келаткан ондогон жаш окумуштуулар да кезеги келгенде сөз болушу шексиз.

## МАДАНИЯТ САЛААСЫНДА

Алтын-Бешик аймагы илгертеден өнөр инсандарына бай. Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, КРдин эл артисти Саламат Садыкова, КРдин Эл артисти Апаз Жайнаков элибиздин сыймыгы. Кыргыз жазма адабиятын баштоочу, ой-

чул акын Молдо Нияз, Кадамжай жеринин көрөңгөлүү инсаны Туяк-ырчы, Баткендик Шooрук, Кожо, Токсон, Лейлектик Шама кыргыз адабиятынын белдүү өнөр адамдары.

Таланттуу обончулар Жолдошбай Мамажанов, Бабаравшан Тургунбаев, Хаби Азреткулов, Заирбек Султанов, Мамажан Козубаев, дастанчы Алия Жамантаеванын өнөрлөрү менен кыргыз угармандары алда качан тааныш.

Баткен областтынын жазуучулары да кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө бараандуу салым кошуп жатышат. Белгилүү акын, Алыкул Осмонов атындагы адабий сыйлыктын ээси маркум Курбаналы Сабыров, таланттуу сүрөтчү Абдисалам Абдрахманов, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, таланттуу акын жана драматург Эгемберди Эрматов, жазуучу-акындар Нууман Саади, Мурзапар Үсөн, Атакул Жакыповдун чыгармалары кыргыз адабий казынасын байыткан. Акын-жазуучулар Аскар Ражабалиев, Абдилахат Дooров, Тургунбай Жумаев, Жусуп Айдартеги, Даабек Кармыштегин, Сайдимар Султанмуратов, Бакыт Мукарамов, Айнагүл Базарбаева, котормочу Гыламидин Абдырахманов, сүрөтчү Жапар Маткаимовдун ысымдары окурмандарга дайын. «Эл ичи – өнөр кенчи» дейт элибиз. Кыргыз рухун байытып, улам кийинки заман улутташтарыбыздын бейнелерин түзүүдө, журтубуздун рух байлыгын байытууда өнөр инсандарынын кызматы чоң.

## БАТКЕН МУЗЫКАЛЫК ДРАМА ТЕАТРЫ

Баткен музыкалык драма театры 2006-жылы ачылып, республикабыздагы эң жаш театрлардын бири. Театрдын директору КРдин Эл артисти Апаз Жайнаков баш болгон топ кыска убакыттын ичинде калыптануунун түйшүктүү жолун басып өттү. Жаш театрдын жаш жамааты төрт жылга жетпеген аралыкта сегиз драма, комедияны сахналаштырды. Режиссер М. Парпиев, башкы сүрөтчү С. Султанмуратов, артисттер Г. Анарбаева, Ж. Анарбаева, З. Нусуратова, Н. Орозбаева, Р. Мураталиев, Н. Ташов, ж. б. сахнанын сырын өздөштүрүп, чеберчиликтерин арттырышты. Театрдын бет ачары болгон – А. Ражабалиев менен Ж. Анарбаеванын «Пейлиңден көр» драмасынан баштап, Э. Эрматовдун «Кедейкан», М. Байжиевдин «Эрөөл», Ч. Айтматовдун «Бетме-бет», Ч. Калыбекованын драмалары ийгиликтүү коюлду.

2007–2008-жылдарда чыгармачыл топ Ош, Каракол шаарларында өткөн республикалык театралдык фестивалдарда көрүүчүлөр менен театр адистеринин сынынан ийгиликтүү өтө алды. Таланттуу дастанчы Алия Жамантаева жетектеген салттуу музыка тобу жыл санап чеберчилиги артып, бай тажрыйба топтошту.

*Жусуп Айдартеги*

## БАТКЕНГЕ МАКТАЛ

*(Баткен облусунун 10 жылдыгына ода)*

Баткендин өткөнүн ойлосом,
Бабалар элестейт бир коргон.
Кан Манас аралап эл-жерди,
Эр Чубак туулуп, чоңойгон

Оо, кийин негиздеп кандыкты,
Угузган Нарбото жардыкты.
Коконду башкарган баткендик,
Көргүлө катылган сандыкты.

Жазмасын кыргыздын баштаган,
Ким экен, издегин тарыхтан?
Баткендик Ныяздын дал өзү,
Жазганын дептерге калтырган.

Султанмурат миң башы кечээки,
Бий болгон аталар жерине.
Волосту кезинде башкарып,
Биринчи делегат съездге.

Садыков чыкпаган алыстан,
Ал өзү – Лейлектен – Саматтан.
Союздун Баатыры аталып,
Ариет, намыска жараган.

Баткенди, Кашкарды жердеген,
Жаңыл кыз намысты бербеген.

Мыскалдай үн менен Саламат,
Кыргыз деп шаңшыды чет элден.

Доорго бурулуш жасаган,
Баткенден чыгаан көп санасаң.
Салихов, охналык Аксакал,
Ата журт, эл үчүн жан кыйган.

Исхактар, Апсамат, Төрөбай,
Кыргызды башкарды бир далай.
Кызматта ак иштеп беришти,
Көсөмдүк сапатын булгабай.

Садыков Тургунбай агабыз,
Таанылды таш менен кагазсыз.
Мезгилдин, замандаш келбетин,
Таштарга чеккенин караңыз.

Журтуна дайын акылы,
Ким билбейт, Рахат Ачылды?
Эрматов элдин акыны,
Эл-журтун ырдап шаңшыды.

Байырлап келишкен бабалар,
Апаздын ак журту – Өрүкзар.
Көөнө кыргыз элинин дил-сырын,
Иликтеп жазууда Мурзапар.

Баткенди сүйгөн бар, күйгөн бар,
Жерим деп жөн өмүр сүргөн бар.
Айбала баласы Маматтай,
Баткен деп, сызылып жүргөн бар.

## ОЙ БҮТҮМ ЖЕ СОҢКУ СӨЗ

Азиз окурман! Мына, колуңуздагы китептин соңку барагын жаптыңыз. Биз Алтын-Бешик эл-жери, Баткен областтынын өткөнү, бүгүнү жана алдыдагы максат-мүдөөлөрү жайында мүмкүн болушунча маалымат берүүгө тырыштык. Албетте, бул чакан китепчеде областтын жүзүн ар тараптан ачкан ийгиликтер менен жетишкендиктерди, район-шаарларда аткарылып жаткан иштерди, келечектин пайдубалын ишенимдүү куруп жатышкан эмгек, илим, маданият адамдарын толук баяндоого мүмкүнчүлүк болбоду.

Президентибиз Курманбек Салиевич Бакиев дайыма баса белгилеп жүргөндөй биздин биримдигибиз менен меймандостугубуздун жана эмгекчилдигибиз менен патриоттугубуздун өзөгү – нукура улуттук маданиятыбызды сактоо менен өнүктүрүүдө жатат. Биз байыркы кыргыз ата-бабалардын бизге калтырып кеткен эң кымбат байлык-мурасы Ала-Тоо койнун мекендеп жашап жаткандан кийин, өз жерибизди ата-бабаларыбыздай сүйө да, коргой да, гүлдөтө да билишибиз керек. Бөтөн элдер биз үчүн иштеп бербейт. Берсе карыз берет. Аны эселентип кайтарып алат. Ошондуктан, биздин биринчи башкы тирегибиз: руху бай элибиз – мекендештерибиз.

Экинчиси, жер үстү жана жер асты байлыктарыбызды сарамжалдуу, үнөмдүүлүк менен жалпы калкыбыздын кызыкчылыгы үчүн иштете билүүдө турат. Муну эгемендүүлүк жылдар ачык көрсөттү.

Курманбек Салиевич айткандай Кыргызстан күчтүү, бай өлкө болушу үчүн бардык региондор бирдей өсүп-өнүгүүсү зарыл. Акыркы жылдары ушул максат жүзөгө ашып жатат. Буга акыркы жылдардагы жалпы республикалык кыймыл болгон жол курулушу далил. Баткенде, Нарында, Таласта, Көлдө, Чүйдө – Кыргызстандын бардык дубандарында жашоонун кан тамыры болгон жолдорду куруу, оңдоо демилгеси башталды. Анткени, Кыргызстандын 95 пайыз эл чарба жүктөрү жана жүргүнчүлөр автоунаа менен ташылат. Баткен областтына келе турган болсок, өлкөбүздүн чет-жака аймагы катары начар өнүгүп келди. Мындан он жыл мурда область болуп түзүлгөндөн бери өсүү жолуна түштү. Ушул жерде эскертип кете турган нерсе, регионду өнүктүрүү үчүн бир гана область түзүү менен чектелүү натыйжа бербестигин кийинки жылдар көрсөттү. Региондун өсүүсү үчүн Өкмөттүк туура саясат, олуттуу көңүл буруу, инвестицияларды дагы да көп тартуу керек.

Ошентип, Баткен областтынын эли экинчи он жылдыкка ишенимдүү кадам таштады. Буюрса өлкөбүздүн өсүп-өнүгүшүнө областтыбыздын кошо турган салымы алдыда. Ыйык эгемендик элибизге түбөлүк дөөлөт, оомат, куттуу күн тартуулай берсин!

## МАЗМУНУ


Кичик мекен – Алтын-Бешигим ........ 7
Баткен областы ........ 10
Өсүп-өнүгүү жолуна түштүк ........ 12
Он жылда жасалган чоң арым ........ 18
Айылдарды инвестициялоо долбоору ........ 35
Областтын бюджеттик өсүү көрсөткүчтөрү ........ 36
Областтын 2008–2010-жылдарга социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы ........ 37
Областты жетектеген губернаторлор ........ 45
Айбалаев Мамат ........ 45
Шадиев Аскарбек ........ 46
Кошматов Бараталы ........ 47
Айжигитов Султан ........ 47
Жумабеков Маратбек ........ 48
Алтын-Бешик эл-жеринин өтмүшү ........ 50
Эркин эл, эгемент мамлекет ........ 58
Баткен коогаланчынын сабактары ........ 60
Областтын түзүлүү зарылдыгы ........ 64
Достук өз ара урмат-сый менен көрктүү ........ 67
Үч район, үч шаар ........ 72
Өрүкзарлуу Баткен ........ 72
Баткен көрөңгөлөрү ........ 77
Өрүк ........ 77
Айгүл ........ 77
Баткен шаары ........ 78
Кенге тунган Кадамжай ........ 81
Кадамжай көрөңгөлөрү ........ 85
Кутман-Көл ........ 85
Дугаба ........ 85
Куш ысымдуу Лейлек ........ 86
Лейлек көрөңгөлөрү ........ 89
Килем ........ 89
Күрөш ........ 89

Кызыл-Кыя – дөөлөттүү калаа ..................... 90
Сүлүктү шаары ..................... 93
Элдин даңктуу уулдары ..................... 96
Полотхан ..................... 96
Алымкул аталык ..................... 97
Абдыкадыр Орозбеков ..................... 98
Мурат Салихов ..................... 99
Исхак Раззаков ..................... 100
Апсамат Масалиев ..................... 101
Биздин баатырлар ..................... 102
Самат Садыков ..................... 102
Тургунбай Садыков ..................... 103
Сайдулла Тешеев ..................... 103
Илим жаатында ..................... 104
Баткен мамлекеттик университети ..................... 104
Кызыл-Кыя медициналык орто окуу жайы ..................... 106
Илим бийиктигин багынткандар ..................... 107
Маданият салаасында ..................... 107
Баткен музыкалык драма театры ..................... 109
Баткенге мактал ..................... 110
Ой бүтүм же соңку сөз ..................... 112

*Көркөм-адабий басылма*

## РАЖАБАЛИЕВ АСКАРАЛЫ

# АЛТЫН-БЕШИК ЭЛ-ЖЕРИ

***(Баткен областтына 10 жыл)***

Корректору *Рапия Сакелова*
Сүрөт редактору *Мырзабек Кадыров*
Компьютердик калыпка салган *Гүлзат Ниязалиева*

Терүүгө 01.08.2009-ж. берилди. Басууга 20.08.2009-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60х90 $^1/_{16}$. Мектеп арибы. 16,0 физ. басма табак.
16,0 учеттук басма табак. Нускасы 400. Заказ № 338. Келишим баада.

«Бийиктик» басмасы.
Ю.Абдрахманов көчөсү, 170 А.
Тел.: 66-17-25.